

Түркия Республикасынын Вице-президенти Жевдет Йылмаз “Манас” университетин зыярат кылды



“Манаста” 2025-2026-окуу жылы Түркиянын Жогорку билим берүү комитетинин төрагасы Эрол Өзвардын катышуусу менен ачылды



“Манастан тарыхка сапар”: “Манас” университетинен поезд менен унутулгус саякат


КЫРГЫЗ - ТҮРК “МАНАС” УНИВЕРСИТЕТИНИН КАБАР БЮЛЛЕТЕНИ

# Манас




30-ЖЫЛГА АТАЙЫН ЧЫГАРЫЛЫШ


# КЫРГЫЗ-ТҮРК «МАНАС» УНИВЕРСИТЕТИ 30 ЖЫЛДЫК МААРЕКЕСИН ЧОҢ САЛТАНАТ МЕНЕН БЕЛГИЛЕДИ






• **КТМУнун атынан гезит ээси** - Ректор Проф. докт., Алпаслан Жейлан - Биринчи проректор саясий илимдердин кандидаты, доцент Алмаз Ибраев • **Башкы редактор** - Проф. докт., Алпаслан Жейлан • **Басма сөз координатору** - Доц. докт., Абдулхаким Бахадыр Дары • **Кеңешчи тобу** - Доц. докт., Эрдоган Акман - Доц. докт., Ниязи Айхан • **Редакторлор** - Ага окутуучу докт., Бакыт Орунбеков - кенже илимий кызматкер Зеки Окяй • **Редактордун орун басары** - Гүлназира Исмаил кызы • **Гезит дизайны** - Ага окутуучу Равшан Абдуллаев, Адина Матишова • **Корреспонденттер** - Айзада Жунузалы кызы, Марлен Корошов, Сезим Муканбет кызы, Жылдыз Муратбекова, Хафиза Сыдыкова, Хатиже Элчим Салык • **Кат алышуу маалыматы:** КТМУ, Чыңгыз Айтматов кампусу, Коммуникация факультети, Бишкек ш. тел: +996 (312) 492756/1164


# МАЗМУНУ



Түркия Республикасынын Президенти Р.Т. Эрдогандын КТМУнун 30 жылдыгына карата куттуктоосу 04



"Манас" университетине 30 жыл: Акыл, Бlим жана жалпы келечек жолу 06



Кыргыз-Түрк «Манас» университети - билим, маданият, ынтымак уясы 10


Кыргыз-Түрк «Манас» университети 30 жылдык маарекесин чоң салтанат менен белгиледи 12


Түркия Республикасынын Вице-президенти Жевдет Йылмаз "Манас" университетин зыярат кылды 18


КР Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары Бакыт Төрөбаев"Манас" университетине келип кетти 20


"Манаста" 2025-2026-окуу жылы Түркиянын Жогорку билим берүү комитетинин төрагасы Эрол Өзвардын катышуусу менен ачылды 22



30 жылдыгында "Манаска" Монголия жана Кыргызстандын билим берүү министрлери расмий сапар менен келишти 26



"Манастан тарыхка сапар": "Манас" университетинен поезд менен унутулгус саякат 28


Түрк дүйнөсүнүн ректорлору «Манас» университетинде жолугушту 32



Түрк мамлекеттери уюмунун Башкы катчысы Кубанычбек Өмүралиев КТМУга келди 34


"Манас университетинин 30 жылдыгында — Медицина факультети студент кабыл алууну баштады" 36


"Манастын" 30 жылдык сыймыгы: Биздин бүтүрүүчүлөр келечекке карай жаңы жолго аттанышты 38


КТМУдан 30 жылдыкка арналган ыраазычылык: «30 жылдык медалдары» тапшырылды 42


30-жылдыкта улуу сыймык 44


Түрк дүйнөсүнүн жаштары II салттуу спорт оюндарынын алкагында кайрадан "Манас" университетинде жолугушту 46






**ТҮРКИЯ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТТИГИНЕ караштуу Маалымат башкармалыгы**

2025-жылдын 18-сентябры

**Урматтуу профессор, доктор Алпасан Жейлан мырза**
Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин ректору

**Урматтуу саясий и. к., доцент Алмаз Ибраев мырза**
Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин биринчи проректору

# Түркия Республикасынын Президенти Р.Т. Эрдогандын КТМУнун 30 жылдыгына карата куттуктоосу

Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин 30 жылдык мааракe аземине чакырууга терең ыраазычылык билдирем.

«Манас» университети – ата-бабаларыбыздын тарыхый ийгиликтеринен шыктануу менен цивилизациябызды кайрадан өнүктүрүүгө салым кошуу максатында түзүлгөн, элдерибиздин достугунун жана бир туугандыгыбыздын эң сонун үлгүлөрүнүн бири болуп саналат.

«Манас» университетинин дүйнөдөгү алдыңкы жогорку окуу жайлардын катарына кириши — бул жетишкендик Кыргызстан менен Түркия үчүн гана эмес, бүтүндөй түрк дүйнөсү үчүн сыймык болуп саналат. Бул ийгиликке салым кошкон бардык профессордук-окутуучулук курамды, студенттерди жана кызматкерлерди чын жүрөктөн куттуктайм.

Түрк дүйнөсүндөгү абройлуу жогорку окуу жайлардын бири болгон «Манас» университети алдыдагы жылдарда дагы ири долбоорлорду ишке ашырып, илимий изилдөөлөр жана жетишкендиктер менен даңкталаарына ишенимим чоң.

Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин 30 жылдык маарекесин чын ыкластуу куттуктайм жана бардык жетекчилерди, окутуучуларды, студенттерди, ошондой эле аземге катышкан меймандарды эң жылуу сезимдерим менен саламдайм.

*Режеп Таййип Эрдоган*
*Президент*



# "Манас" университетине 30 жыл: Акыл, илим жана жалпы келечек жолу

*Кыргыз-Түрк "Манас" университети 1995-жылы эки боордош мамлекеттердин жалпы эрки менен негизделип, 1997–1998-окуу жылында студенттерге эшигин ачкан жогорку окуу жайы болуп саналат. Быйыл 30 жылдык маарекесин белгилеп жаткан "Манас" университети жөн гана билим берүү мекемеси катары гана эмес, Түркия менен Кыргызстандын достугунун, Түрк дүйнөсүнүн жалпы өзгөчөлүгүн жана келечекке карай багытталган көз карашын тастыктаган символ катары тарыхта өз ордун бекемдеди. Отуз жылдык жолго көз чаптырганда, "Манас" университетинин жетишкендиктери эки өлкө үчүн гана эмес, бүтүндөй Түрк дүйнөсү үчүн да стратегиялык ийгилик экени айкын көрүнүп турат.*

*"Манас" университетинин негизги философиясы — акыл менен илимдин жетекчилигинде жаш муундарды тарбиялоо, маданий байланышты бекемдөө жана жалпы цивилизациялык көз карашты калыптандыруу. Бул ыкма илимий деңгээлде билим берүү менен чектелбестен, жаштарга инсандык иденттүүлүк, баалуулук жана келечекке багыт берүү дегенди да түшүндүрөт. Өткөндөн күч алып, тарыхыбыздын терең тажрыйбасын, маданиятыбыздын издерин жана цивилизациябыздын универсалдык баалуулуктарын сактап, келечекке өткөрүп берүү — ушул философиянын өзөгүн түзөт. "Манас" университети өзүнүн атын алган дастандагы рухту сактоо менен бирге, замандын талабына жооп берген билим берүү улуу түшүнүгүн да институциялаштырды. Биздин миссиябыз — студенттерди билим менен гана куралдандырбастан, жоопкерчиликтүү, маданий иденттүүлүгү күчтүү жана дүйнөлүк баалуулуктарга ачык инсан катары тарбиялоо. Биздин концепция болсо — Түрк дүйнөсүнүн орток өзгөчөлүгүн чыңдаган, эл аралык деңгээлде илим, искусство жана технология жаратууда алдыңкы, келечектин лидерлерин өстүргөн жогорку окуу жай болуу. Бул жагынан алганда "Манас" университети Түрк дүйнөсүнүн биргелешип келечек куруу эркинин институционалдык көрүнүшү, эки боордош өлкөлөрдүн түбөлүктүү достугу менен бир туугандыгынын күчтүү символу болуп саналат.*

> **Биздин миссиябыз — студенттерди билим менен гана куралдандырбастан, жоопкерчиликтүү, маданий иденттүүлүгү күчтүү жана дүйнөлүк баалуулуктарга ачык инсан катары тарбиялоо. Биздин концепция болсо — Түрк дүйнөсүнүн орток өзгөчөлүгүн чыңдаган, эл аралык деңгээлде илим, искусство жана технология жаратууда алдыңкы, келечектин лидерлерин өстүргөн жогорку окуу жай болуу.**

*Бүгүнкү күндө дүйнө терең өзгөрүүлөрдү баштан өткөрүүдө. Глобалдык атаандаштык күчөгөн, технологиялык өнүгүүлөр баш айланткан ылдамдыкта жүрүп жаткан, маданий алакалар мүмкүнчүлүктөрдү да, коркунучтарды да жаратып жаткан, согуштар менен чыр-чатактар адамзатты кыйнаган бул заманда университеттер коомдордун эң башкы жол көрсөтүүчүсүнө айланды. Эми жогорку окуу жайлардын милдети жөн гана билим берүү менен чектелбейт. Алардан күткөн нерсе — акыйкатты изилдөө, сынчыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүү, жаңычыл чечимдерди жаратуу жана адамзаттын алдында турган маселелерге илимий, маданий жана адеп-ахлактык негизде жооп табуу. Университеттер студенттерине кесипти гана үйрөтпөстөн улуттук, дүйнөлүк баалуулуктарды сиңирген, маданий көпүрөлөрдү курган, коомдук жоопкерчилик сезимин өнүктүргөн борборлор болушу зарыл. Ушул жагынан алганда "Манас" университети 30 жылдык тажрыйбасы менен Кыргызстандын деңгээлинде, аймактык деңгээлде, Түрк дүйнөсүнө жана дүйнөлүк аренада жалпы адамзатка жарык чачкан алдыңкы ролду аркалоодо.*

### Негизделүүнүн мааниси жана тарыхый миссиясы

*1990-жылдар — Советтер Союзу кулагандан кийин Борбор Азиядагы түрк республикалары эгемендүүлүккө жетишип, өздөрүнүн иденттүүлүгүн кайра курууга аракет кылган өтө маанилүү доор эле. Дал ушул тарыхый бурулушта Кыргызстан менен Түркия биргелешип университет ачып, түбөлүктүү кызматташуунун пайдубалын түптөдү. Анткени алар билишчү: жалпы келечек билим, илим жана маданият менен курулат. Ошондуктан "Манас" университетинин түзүлүшү жөнөкөй билим берүү салымы гана эмес, стратегиялык көз караштын жана цивилизациялык түшүнүктүн ишке ашкан көрүнүшү болду.*

*1995-жылы кол коюлган эл аралык келишим менен пайдубалы салынган бул окуу жай Кыргызстан менен Түркиянын гана эмес, Азербайжандан Казакстанга, Өзбекстандан Түркмөнстанга, Балкандан Алтайга чейинки кеңири чөйрөнүн орток баалуулуктарын чагылдырган үлгүлүү университет катары калыптанды. Бүгүнкү күндө бул визия ишке ашканын айгинелеп турат: "Манас" университети Түрк дүйнөсүнүн жаштарын бир чатырынын астына чогултуп, аларга орток иденттүүлүк жана дүйнөлүк көз караш тартуулады.*

*Университеттин негиздөө миссиясы үч багытта топтолгон:*

*1. Түрк дүйнөсүнүн жаштарын орток иденттүүлүк жана концерция менен камсыз кылуу;*

*2. Эл аралык стандарттарга ылайык илимий билим берүү;*

*3. Коомго кызмат кылган, баалуулукка негизделген инсандарды тарбиялоо.*

*Бул миссия отуз жыл ичинде гана сакталбастан, бардык мезгилде чыңдалды.*

### *Академиялык түзүм, институционалдык өнүгүү*

"Манас" университети 1997–1998-окуу жылында ишин беш бөлүм менен баштап, бүгүнкү күндө 12 факультет, бир жогорку мектеп, бир кесиптик лицей, алты изилдөө борбору жана ЖОЖдон кийинки билим берүү институту менен өз ишин улантууда. 2025–2026-окуу жылында студенттерди кабыл алууну баштаган Медицина факультети — "Манастын" саламаттык сактоо илиминде да бренд болуу жолундагы күчтүү кадамы. Ошентип "Манас" инженердиктен социалдык илимдерге, искусстводон медицинага, табият таануу илимдеринен коммуникацияга чейин кеңири академиялык спектрди камтыган окуу мүмкүнчүлүгүнө жетишти. Изилдөө инфраструктурасында 100дөн ашуун заманбап лаборатория жана устакана, медиа студиялары, ПЦР лабораториясы, VR лабораториясы жана салттуу музыкалык аспап жасоо устаканалары бар. Сегиз китепкана жана үч жарым миллиондон ашуун санариптик булактар студенттер менен окутуучуларга эл аралык адабиятка жетүү мүмкүнчүлүгүн берет. Бул инфраструктура аймактык гана эмес, дүйнөлүк деңгээлде да илимий өндүрүшкө салым кошууда. Эл аралык рейтингдерде "Манастын" өсүшү көңүлдү бурат. QS Дүйнөлүк университеттер рейтингинде төрт жыл катары менен алдыңкы 1000 катарында орун алуу, QS Азия рейтингинде 281ден 230га көтөрүлүү, THE Impact рейтингинде Кыргызстандын алдыңкы университети болуу жана GreenMetric тизмесине кирген жалгыз кыргызстандык университет болуу — бул жетишкендиктин ачык далили. Ошондой эле "Манас" тил үйрөтүүдө дүйнөнүн эң мыктыларынын катарына кирип, искусство жана гуманитардык илимдерде да алдыга чыкты.

### *Студентке багытталган мамиле жана коомдук салым*

"Манас" университетинин эң айырмалоочу өзгөчөлүктөрүнүн бири — студентке багытталган мамилеси. Университет студенттерге акысыз билим берип, стипендиялык система, заманбап жатаканалар, саламаттык жана социалдык кызматтар аркылуу окуу процессин колдоп келет. 1500 орундуу заманбап жатаканалар, социалдык-маданий жайлар, 24 саат иштеген «Шейит Эрен Бүлбүл» саламаттык борбору жана психологиялык кеңеш берүү кызматтары студенттердин жашоо сапатын жогорулатууда. Карьераны өнүктүрүү борбору жана бүтүрүүчүлөрдү көзөмөлдөө системасы аркылуу студенттер бүтүргөндөн кийин турмушка бекем даяр болушат. Бүгүнкү күндө 15 миңден ашык бүтүрүүчү 40тан ашуун өлкөдө эмгектенип, жеке жетишкендиктери менен гана эмес, маданий жана академиялык өкүлчүлүгү менен да







> ***"Манас" университети акылдын, илимдин жана жалпы келечектин эстелиги катары өз жолун улантууда. Бул улуу иштин пайдубалын түптөгөн мамлекеттик ишмерлерге, окутуучуларга, кызматкерлерге, студенттерге жана бүтүрүүчүлөргө ыраазычылыгыбызды билдирип, алдыдагы 30 жылда да "Манастын" Түрк дүйнөсүнүн жалпы келечегин жарыктандырарына терең ишенебиз.***

айырмаланууда. "Манастын" студенттери сабак менен гана эмес, театрдан спортко, маданий иш-чаралардан коомдук долбоорлорго чейин кеңири чөйрөдө активдүү рол ойношот. Айылдык китепканаларды уюштуруу, айлана-чөйрөнү тазалоо, көчөт отургузуу сыяктуу иштер алардын коомго сезимтал инсандар болуп тарбияланышына өбөлгө болууда.

### *Түрк дүйнөсүнүн перспективасы жана маданий дипломатия*

"Манас" университети негизделген күндөн тартып эле Түрк дүйнөсү концепциясын борбордук орунга койгон. Бул концепция жөн гана риторика эмес, иш жүзүндөгү конкреттүү иш-чаралар менен бекемделген чындык. Нооруз майрамы, Түрк дүйнөсү маданият күндөрү, элдик оюндар жана салттуу искусство устаканалары кампус турмушун байытып, ар кайсы аймактардан келген студенттердин бир туугандык байланышын күчөтүүдө. «Орхун» алмашуу программасы жана Erasmus+ сыяктуу студенттик мобилдүүлүк мүмкүнчүлүктөрү Түрк дүйнөсүнүн жаштарын өз ара гана эмес, дүйнөлүк академия менен да байланыштырууда. Бүгүн "Манас" бүтүрүүчүлөрү барган ар бир өлкөдө Түрк дүйнөсүнүн маданий элчиси, академиялык өкүлү жана ишкер лидерлери болуп алдыга чыгууда. Бул жагынан алганда "Манас" университети Түрк дүйнөсүнүн жалпы келечек куруу эркинин эң күчтүү далили болуп саналат. Орток изилдөөлөр, маданий дипломатия долбоорлору жана академиялык кызматташуулар бул миссиянын туруктуулугун камсыз кылууда.

### *Келечекке көз караш: 2025–2030 стратегиясы*

Отуз жылдык жолун аяктаган "Манас" университети келечекке карай да күчтүү максаттарды белгиледи. 2025–2030-стратегиялык планына билим берүүдөгү сапаттык өзгөрүүлөр, илимий эмгектердин көлөмүн арттыруу, эл аралык кызматташууларды кеңейтүү, туруктуу өнүгүү жана жашыл кампус концепциясын чыңдоо, бүтүрүүчүлөр тармагын өнүктүрүү сыяктуу максаттар кирет. Санариптешүү, гибриддик окуу моделдери, баалоо жана текшерүүдө ар түрдүүлүк, экологиялык сезимталдыкты жогорулатуу, ачык башкаруу жана катышуучулук бул мезгилдин негизги стратегиялык артыкчылыктары болуп саналат. Бул максаттар "Манастын" аймактык гана эмес, дүйнөлүк деңгээлде да таанымал жана таасирдүү университет болушуна шарт түзөт.

### *Жыйынтык: Өткөндөн келечекке жалпы мурас*

Отуз жыл мурда башталган бул жол бүгүнкү күндө чындыкка айланды. "Манас" университети негизделген күндөн бери сабак берген гана мекеме эмес, баалуулуктарды сактап, идентүүлүктү бекемдеп, жалпы келечекти куруучу борбор болду. Бүгүн биз сыймык менен айта алабыз: "Манас" Түрк дүйнөсү үчүн жөн гана окуу жай эмес, келечек долбоору болуп калды. Султан Алпарслан Малазгирт согушунун алдында аскерине: «Силерге түбөлүккө кала турган жер алдым» деген сөзүн эске салгандай, биз да бүгүн айтабыз: «Силерге түбөлүк Түрк дүйнөсүнүн жалпы келечегине кызмат кыла турган университетти мурас катары калтырып жатабыз». "Манас" университети акылдын, илимдин жана жалпы келечектин эстелиги катары өз жолун улантууда. Бул улуу иштин пайдубалын түптөгөн мамлекеттик ишмерлерге, окутуучуларга, кызматкерлерге, студенттерге жана бүтүрүүчүлөргө ыраазычылыгыбызды билдирип, алдыдагы 30 жылда да "Манастын" Түрк дүйнөсүнүн жалпы келечегин жарыктандырарына терең ишенебиз.

Жашасын 30 жылдык, кылымдарга улана берсин!

*Проф. Докт., Алпаслан Жейлан*
*КТМУнун ректору*



# КЫРГЫЗ-ТҮРК «МАНАС» УНИВЕРСИТЕТИ- БИЛИМ, МАДАНИЯТ ЖАНА ЫНТЫМАК УЯСЫ

Тарыхта ар бир эл үчүн билим берүү – бул келечекке карай жасалган эң маанилүү инвестиция. Кыргыз-Түрк «Манас» университети – бул билимдин, маданияттын жана биримдиктин жаңы аянты. Ой жетсе да, бой жетпей турган ой-максаттар, кыялдар орундалып, 1995-жылдын 30-сентябрында Түркия Республикасынын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөттөрү тарабынан кол коюлган "Кыргызстандын борбору Бишкек шаарында Кыргыз-Түрк "Манас" университетин куруу жөнүндөгү" келишим ыйгарым укуктуу органдар тарабынан бекитилгенден кийин университет 1997-1998-окуу жылынан тарта студенттерге билим бере баштаган. 1995-жылы негизделген бул университет – ошол кызматташуунун эң ири жана ийгиликтүү долбоору болуп калды. Бул долбоор – өз мезгилинен кечиктирилбей, убагында жана өтө көрөгөчтүк менен аткарылган тарыхый чечим! Жаштардын заманбап билим алуусуна ачылган чоң даңгыр жол болду.

Окуу жайыбыз эл аралык деңгээлде өзгөчө статуска ээ болуп, Орто Азиядагы бирден бир үлгүлүү студенттик шаарчабыздын – Кыргызстандагы бирден-бир заманбап кампус системабыздын материалдык-техникалык базасы дагы да улам жакшырып, гүлдөп, өнүгүп-өсүүдө.

Кыргыз-Түрк "Манас" университети динамикалуу билим берүү чөйрөсүнө жана башкаруу философиясына ээ. Билим берүү тармагында эл аралык бренд катары академиялык изилдөөлөрү жана коомго көрсөткөн кызматтары менен, адамзатка кызмат кылган «Эл аралык кадыр-баркка ээ жана таанымал университет» болуу көз карашы менен ишин улантууда. Университет – Түркия жана Кыргызстандагы мамлекеттик университеттер менен бирдей статуска ээ автономдуу университет.

Университеттин негизги максаты – билим берүү менен гана чектелбестен, жаштарды илимге, маданиятка жана коомдук жоопкерчиликке шыктандыруу; заманбап, лидер, ишкер, новатор, өзгөрүүгө жана өнүгүүгө ачык, өлкөдөгү алдыңкы жана эң артыкчылыктуу университет болуу. Ошол эле учурда Кыргызстандын өз ресурстарына таянып, даярдалган жумушчу күчүнө багытталган өндүрүштүк экономикасына салым кошуу дагы Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин XXI кылымдагы маанилүү максаттарынын бири болуп саналат.

Университетте студенттердин өз элинин жалпы баалуулуктарын урматтоо менен бирге илимий изденүү аркылуу дүйнөлүк деңгээлдеги атаандаш, күчтүү адистердин катарында болуусуна кам көрүлөт. Университетибизге дүйнөнүн ар кайсы өлкөлөрүнөн студенттер кабыл алынат. Кыргызстан менен Түркиядан келген студенттерге гана эмес, башка боордош түрк мамлекеттеринен, бүтүндөй түрк дүйнөсүнөн жана жалпы маданий жана цивилизациялык баалуулуктарга ээ болгон башка мамлекеттерден келген жаштарга билим берилет. Университетте билим алуу акысыз жана студенттерге «Кирүү квотасы стипендиясы», «Академиялык ийгилик стипендиясы», «Колдоо стипендиясы» жана «Улуттук спорт чебери стипендиясы» берилет. Кеңири спектрдеги адистиктер боюнча билим алып жаткан студенттерибиз акысыз билим алып жаткандыгына, заманбап шарттагы жатаканаларда жашап, жеткиликтүү баада тамактанып, окуу китептери менен камсыздалган шартта окуп, жашап жатканына терең ыраазычылык жана шыктануу менен келечекке умтулат. 24 саат үзгүлтүксүз интернет, спорт комплекси, студенттик клубдар университеттин турмушунун ажырагыс бөлүгү болуп, жаштардын студенттик жашоосун байытат. Бул жерде студенттер өз таланттарын өнүктүрүп, биргелешкен маданий жана спорттук иш-чараларга активдүү катышат.

Университет академиялык жана административдик кызматкерлерди тандап алууда сапатка негизделген ыкманы колдонуп, мыйзам чегинде бул маселеге өтө кылдаттык менен мамиле кылат. Илим-билим жолунда үзгүлтүксүз жана жоопкерчилик менен эмгектенип, өмүрүн илимге, окуу, тарбия иштерине кызмат кылууга арнаган академиялык-окутуучулук жамаат – илимдин докторлору, профессорлору, доцент, окутуучулары академиялык тазалыкты карманууу менен, коррупция деген түшүнүктөн алыс болуп, сүйүктүү студенттерге маданияттуу мамиле кылуу менен иштөөнү өз принциби катары бекем карманат.

Натыйжада Кыргыз-Түрк "Манас" университети:

Дүйнөдөгү университеттердин QS рейтингинде үч жыл катары менен алдыңкы 1000 университеттин катарына кирди;

QS рейтингинде "4 жылдыздуу университет" статусуна ээ болду;

QS рейтингинде Азия университеттеринин арасында 230, Орто Азия университеттеринин арасында 10-орунга чыкты;

Экологиялык туруктуулук, коомдук жоопкерчилик, башкаруудагы жогорку сапат боюнча QS рейтингинде экологияга жана коомдун туруктуу өнүгүшүнө салым кошкон алдыңкы университеттердин тизмесинен орун алды;

QS рейтингинде заманбап тилдерди үйрөтүү боюнча алдыңкы окуу жайлардын катарына кирди;

Дүйнө университеттеринин Times Higher Education рейтингинде алдыңкы университеттердин арасында татыктуу орунга жетишкен жана жергиликтүү жогорку окуу жайлардын арасынан эл аралык платформаларда Кыргызстандын атын чыгарып, чоң ийгилик жараткан алгачкы университет болду.

Университетибиздин бүтүрүүчүлөрүнүн саны 13155ден ашты (орто кесиптик, жогорку кесиптик жана жогорку окуу жайдан кийинки кесиптик билим берүү) жана бүгүнкү күндө бүтүрүүчүлөрүбүз дүйнөнүн 43 өлкөсүндө эмгектенет. Билимдин жана маданияттын көпүрөсү болгон жаштарыбыздын айрымдары магистратура жана докторантура программаларын бүтүрүп, Кыргызстан, Түркия, Орусия жана АКШ баш болгон көптөгөн өлкөлөрдө келечектин агартуучусу катары кызмат кылышууда. Бүтүрүүчүлөрүбүздүн айрымдары илимий мекемелерде илимий кызматкер, орто билим берүү мекемелеринде мугалим, медиа уюмдарда, китепканаларда, музейлерде эксперт катарында иштешет. Алардын саны жыл сайын өсүүдө. Ар тараптуу жөндөмдүүлүктөргө жана терең илимий билимге ээ бүтүрүүчүлөрүбүздүн түрк дүйнөсүнө жана бүткүл адамзатка маанилүү кызматтарды көрсөтөрүнө чын жүрөктөн ишенебиз. Университеттин бүткүл жамааты жана студенттери биргеликте бүткүл дүйнөнүн жана түрк дүйнөсүнүн келечегине чын жүрөктөн кызмат кылып келүүдө. Алардын аракеттери билимдин күчү менен дүйнө элдерин жакындаштырып, биримдикти чыңдай турганы шексиз.

30 жыл – бул тарых. Ал эми алдыда талыкпас эмгекти талап кылган уңгулуу жол күтөт!

*Саясий и. к., доцент Алмаз Ибраев*
*КТМУнун Биринчи проректору*

# Кыргыз-Түрк «Манас» университети 30 жылдык маарекесин чоң салтанат менен белгиледи

***Кыргыз-Түрк «Манас» университети (КТМУ) 2025-жылдын 17-сентябрында Т.Сатылганов атындагы Кыргыз улуттук филармониясында өткөн чоң салтанат менен 30 жылдык маарекесин белгиледи. "Сүрөттөрдө "Манас" университети" аттуу көргөзмө менен ачылган иш-чарада конокторго университеттин 30 жылдык өнүгүү жана ийгилик тарыхы тартууланды.***







**30 жылдык ийгилик жолуна эл аралык катышуу**

30 жылдан бери Борбордук Азияда илимдин, маданияттын жана достуктун көпүрөсүн куруп, Түрк дүйнөсүнүн алдыңкы университетине айланган КТМУ бул маанилүү күндү эл аралык катышуу менен белгиледи. Салтанатка: Түркия Республикасынын Вице-президенти, профессор Жевдет Йылмаз, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы Адылбек Касымалиев, Түркиянын Кыргызстандагы Элчиси Мекин Мустафа Кемал Өкем, Азербайжан Элчиси Латиф Сейфеддин оглу Гандилов, Түндүк Кипр Түрк Республикасынын өкүлү Тахир Осман Тахир, Кыргызстандын Түркиядагы элчиси Руслан Казакбаев, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун төрагасынын орун басары Нургүл Бакирова, Түркия ЖОЖдор Кеңешинин Төрагасы, профессор Эрол Өзвар, Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим жана инновациялар министри Бактияр Орозов, Кыргыз Республикасынын Билим берүү министри Догдуркүл Кендирбаева, министрлер, депутаттар, КТМУнун Камкорчулар Кеңешинин Төрагасы, профессор Ибрахим Чапак, КТМУнун ректору, профессор Алпаслан Жейлан, биринчи проректор саясий и.к., доцент Алмаз Ибраев, проректор, профессор Камалбек Карымшаков, башкы катчы, профессор Исмет Алтынташ, Түркия элчилигинин кызматкерлери, Кыргызстан, Түркия, Казакстан, Өзбекстан, Венгрия жана Орусиянын университеттеринен келген ректорлор, ТИКАнын Бишкектеги координатору Мехмет Бодур, Кыргыз-Түрк «Достук» ооруканасынын башкы дарыгери Адлан Олсун, коомдук уюмдар, академиктер, ЖМК өкүлдөрү жана студенттер катышты.

Салтанаттын ачылышында Кыргызстан менен Түркиянын мамлекеттик гимндери жаңырып, "Манас" университетинин таанытуу тасмасы тартууланды. Андан соң расмий куттуктоо сөздөрү менен азем салтанаттуу түрдө башталды.

Протокол сөздөрүнүн өзөгү: Түрк дүйнөсүнүн келечеги

***Түркиянын Вице-президенти Жевдет Йылмаз: "Манас" университети – Түрк дүйнөсүнүн сыймыгы***

Түркия Республикасынын Вице-президенти профессор Жевдет Йылмаз, Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин 30 жылдык маарекесине арналган салтанаттуу иш-чарада сөз сүйлөдү. Ата журт Кыргызстанда болуу өзгөчө сыймык экенин белгилеген Йылмаз: "Кыргызстан менен Түркия достугунун эң чоң символдорунун бири болгон "Манас" университети — Теңир-Тоонун этегинде 30 жашка чыккан терең











тамырлуу бак. Анын дагы көптөгөн жылдар бою өсүп-өнүгүшүн тилейм", — деди.

**"Манас" университети Түрк дүйнөсүнө салым кошууда»**

Йылмаз өз сөзүндө кыргыз-түрк туугандыгын кийинки муундарга жеткирүүнүн маанисине токтолду. Ал: "Бир өлкөнүн эң баалуу байлыгы — адам. Жакшы тарбия берип, билимдүү жана сапаттуу муун өстүргөн мамлекет дүйнөдө да бийик орунга чыгат", — деди. Йылмаз, ушул өңүттө "Манас" университети түрк дүйнөсүнө жана коңшу өлкөлөргө чоң салым кошуп жатканын баса белгиледи.

**"Манас" университети, 30 жылдыгында медицина факультети менен жаңы ийгиликке жетүүдө**

Түркиянын Вице-президенти, профессор Жевдет Йылмаз, университеттин 30 жылдык мааракеси алкагында медицина факультетине студенттерди кабыл алуу башталганын да кабарлады. Султан Сулеймандын "Эл ичинде эң баалуу нерсе — мамлекет сыяктуу, дүйнөдө болууга болсо бир дем саламаттык сыяктуу" деген сөзүн эске салган Йылмаз: "Саламаттык абдан маанилүү. Бул жаңы чечим менен кыргыз элине сапаттуу саламаттык кызматтары көрсөтүлөт. "Манас" университетинин Медицина факультетинин бүтүрүүчүлөрү "Манас" университетинин дипломун гана эмес, Саламаттык сактоо илимдери университетинин медицина факультетинин дипломун да алышат", — деди.

Үч жыл бою дүйнөнүн мыкты миң жогорку окуу жайынын катарында болгон Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин бул жетишкендигине сыймык билдирген Йылмаз, салым кошкон бардык адамдарга ыраазычылык айтып, жаңы окуу жылында "Манас" университетинин жамаатына ийгилик каалады. Ал: "Бул жетишкендик, Кыргызстандын жана Түркиянын гана эмес, бүт Түрк дүйнөсү үчүн сыймык булагы", — деп кошумчалады.







**КР Министрлер Кабинетинин Төрагасы Адылбек Касымалиев: "Манас университети-бир туугандык менен илимдин символу"**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы Адылбек Касымалиев салтанатта сүйлөп, эки элдин тарыхы бир экенин белгиледи. Касымалиев: "Улуу кыргыз эли менен улуу түрк эли бир тамырдан жаралган эки эл. Элдерибизге Манастын кылычы менен Алп Арсландын кылычы бирдей жарык берип турат. Биз күчтү Чыңгыз Айтматов менен Назым Хикметтин сөздөрүнөн, Күлтегин менен Манастын мурастарынан алабыз", — деди.

Ал ошондой эле, бүгүнкү күн элдердин биримдигин, ынтымагын жана достугун далилдеген майрам экенин белгилеп: "Тарыхтын тереңинен, жүрөктүн түпкүрүнөн келген бир туугандык байланышыбызды илим дүйнөсүндө кылымдар бою бекемдеп келе жаткан ыйык билим ордосу — "Манас" университетинин маарекесинде баш кошуп жатабыз. Баарыңыздарды Кыргыз Республикасынын Президенти Урматтуу Садыр Жапаровдун жана Министрлер Кабинетинин атынан 30 жылдык маарекеңиздер менен чын жүрөктөн куттуктайм", — деди. Касымалиев, Кыргыз-Түрк "Манас" университети түзүлгөн күндөн тартып ишенимдүү кадамдар менен алдыга жылып, лидерлерди, илимпоздорду, ишкерлерди жана чыгармачыл жаш муундарды тарбиялап, жүздөгөн баалуу эмгектерди жаратканын белгиледи. Ал университеттин сыймыктуу тарыхына токтолуп, "Манас" университетинин ректору, профессор Алпаслан Жейланга ыраазычылык билдирди.

> **"Манас университети-бир туугандык менен илимдин символу"**
>
> **КР Министрлер Кабинетинин Төрагасы Адылбек Касымалиев**



### *КТМУ Камкорчулар Кеңешинин Төрагасы, профессор Ибрахим Чапак: "Манас университети- үлгүлүү студенттерди тарбиялайт"*

Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин 30 жылдык маарекесинде сүйлөгөн КТМУ Камкорчулар Кеңешинин Төрагасы, профессор Ибрахим Чапак университеттин миссиясына жана келечекке карата көз карашына токтолду.

Профессор Чапак "Манас" университети студенттерин жөн гана билим алууга эмес, аларды үлгү болуучу, эл аралык деңгээлде өзгөчө кызматтарда иштей ала турган адис катары өстүрүп жатканын белгиледи. Ал: "Манастын миссиясы — жөн гана студент тарбиялоо эмес; студенттерибизди өзгөчө кылып, маданиятты алып чыгып, дүйнөдө үлгү болушун камсыз кылуу", — деди. Университеттин акыркы 30 жылдагы жетишкендиктерин да баалаган Чапак: "Алдыңкы 1000 университеттин катарына кирүү оңой эмес. Бул чындап эле мактоого татыктуу жетишкендик жана "Манас" университетин ушул деңгээлге жеткирген ректорубуз жана бардык окутуучуларга ыраазычылык билдирем", — деди. 2025-2026 окуу жылына да токтолгон Чапак студенттердин сабактары башталганын жана окутуучулардын чоң эмгек кылып жатканын белгилеп, жаңы окуу жылы жана ачылган медицина факультети менен Кыргызстанга, Борбор Азияга жана Түркияга олуттуу салым кошууларын айтты. Сөзүнүн аягында профессор Чапак: "Аллах университетибизге дагы көптөгөн бакыттуу 30 жылдарды көрүүгө, адептүү, маданияттуу жана маданиятыбызды дүйнөгө алып чыгара турган студенттерди өстүрүүгө мүмкүнчүлүк берсин. Бул программага салым кошкон баарына жана эки өлкөнүн улуу инсандарына ыраазычылык билдирем", — деп жыйынтыктады.

### *Ректор профессор Алпаслан Жейлан: "Манас университети — билим берүүдө тарых жазууда"*

Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин 30 жылдык маарекесинде сүйлөгөн ректор, профессор Алпаслан Жейлан университеттин 30 жыл убакытта күчтүү тамырларын жайып, бийикке өсүп, бүгүнкү күнгө жеткенин белгиледи.

Профессор Жейлан: "30 жыл мурда тигилген дарактын бийикке жеткен бутактарынын астында бүгүн баш коштук. Бул дарактын аты — "Манас" университети. Университетибизди чоңойткон жана өнүктүргөн — биздин студенттерибиздин кыялы, окутуучуларыбыздын талыкпас эмгеги жана ата-энелерибиздин дубалары. Биз менен бирге болгон ата-энелерге чексиз ыраазычылык билдирем", — деди. Ал келечекке болгон көз караш жана тарых жазуунун маанисине токтолуп: "Келечекти алдын ала көрө албагандар тарых жаза албайт. "Манас" университети билим берүүдө өз тарыхын курууда. Бул тарыхтын түзүлүшүнө салым кошкон баарына ыраазычылыгымды билдирем", — деди. Профессор Жейлан университеттин салттарын эскерип, сөзүн Хажи Бекташ-Велинин "Бир бололу, ири бололу, тирүү бололу" деген насааты менен жыйынтыктады.

### *Биринчи проректор саясий и.к., доцент Алмаз Ибраев: "Заманбап университет катары келечекке даярбыз"*

Салтанатта сүйлөгөн биринчи проректор саясий





и.к., доцент Алмаз Ибраев "Манас" университети ачылгандан тартып бүгүнкү күнгө чейин өз ишмердүүлүгүндө жогорку сапатты бекем тутуп, негизи максат катары көрүп келет жана ошондой эле, ушул максатты иш жүзүнө ашырыш үчүн бардык шарттарды камсыздаганын белгиледи. Ибраев: " Ошондуктан "Манас" университети Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларынын арасынан эң алгачкы болуп дүйнөдө эң мыкты университеттердин арасына кирди, — деп баса белгиледи. Ал жетишкен лидерлик позицияларды сактоо оңой эместигин белгилеп: "Мындай лидерлик позицияларды сактоо биз үчүн оңойго турбайт. Бирок ошого карабастан келечекте дагы заманбап университеттин бардык талаптарына жооп бере турган жана ошондой эле жогорку билим берүү, жогорку адеп-ахлактуу адистерди Кыргыз Республикасы үчүн, Түркия Республикасы үчүн жана жалпы эле Түрк дүйнөсү үчүн даярдоого биз колубуздан келген күчүбүздү аябайбыз", — деди.

### Салтанаттуу концерттик программа

Протокол сөздөрү аяктаган соң программа салтанаттуу концерт менен уланды. КТМУ түрк дүйнөсү оркестри, Кыргыз Республикасынын Эл артисти Рысбек Жумакуновдун жетекчилиги менен маданий кече тартууланды. Солист Элмира Тажиева "Кыргыз жери" чыгармасын эмоцияга толгон аткаруусу менен сунуштап, чоң мактоо алды. Андан кийин сахнага чыккан солисттер Азат Садыков, Хадича Бектурсунова жана Элзар Өскөнбаева кыргызча жана түркчө чыгармалар менен көрүүчүлөрдүн толкунуна жеткиришти. Элдик чыгармаларды өзгөчө үнү жана чыгармачылыгы менен аткарган баалуу артист Фериял Башел Түзүн атайын репертуары менен программаны өзгөчө шаң менен байытты. Салтанаттын алкагында "Манас" дастанынан «Манастын Көкөтөй Шөленине Кириши» бөлүгү Манасчы Самат Көчөрбаев тарабынан аткарылып, "Манастын кыздары" бий тобунун бий көрсөтүүсү коноктордон чоң мактоого ээ болду.

### *Ректор профессор Жейлан жана биринчи проректор, саясий и.к., доцент Ибраев ыраазычылык кат менен сыйланышты*

30 жылдык маараке программасынын алкагында Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин ректору, профессор Алпаслан Жейлан жана биринчи проректор, саясий и.к., доцент Алмаз Ибраев университетти ийгиликтүү жетектеп, өнүктүргөндүгү жана кыргыз-түрк достугун бекемдөөгө кошкон салымы үчүн Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан ыраазычылык кат менен сыйланышты.

### 30 жылдык маарекенин медалы тапшырылды

Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин 30 жылдык маарекеси алкагында сүйлөгөн Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун төрагасынын орун басары Нургүл Бакирова, КР Билим, Жогорку Окуу Жай жана Инновация министри Бактияр Орозов, Билим берүү министри Догдуркүл Кендирбаева, Жогорку Кеңештин депутаттары Табылды Муратбеков жана Дастанбек Жумабеков, КТМУ Көзөмөл Кеңешинин төрагасы профессор Ибрахим Чапак, КТМУ ректору, профессор Алпаслан Жейлан жана биринчи проректор, саясий и.к., доцент Алмаз Ибраев 30 жылдыкка арналган медаль менен сыйланышты.

### "Манас" университетинин окутуучуларына КР Билим берүү министрлигинен ыраазычылык кат тапшырылды

КТМУ Чет тилдер жогорку мектебинин окутуучулары Айкан Бакалова, Бүбүсара Үкүбаева, Светлана Жээнбекова, Гүлнара Абсаматова жана Бермет Саадакова Сингапур Кембридж STEM окуу китептерин кыргызчага адаптациялоо долбооруна активдүү катышкандыгы жана жыйынтыктары үчүн Кыргыз Республикасынын Билим берүү Министрлиги тарабынан «Ыраазычылык Кат» менен сыйланышты.

### "Манас" университетинин жаштарынан салтанаттуу финал

Концерттин аягында "Манас" университетинин жаштары университеттин гимнин аткарышты. Маараке концерт менен чектелбей, университеттин 30 жылдык ийгилик таржымалын чагылдырган атайын видео көрсөтүүлөр жана студенттер тарабынан даярдалган ар кандай иш-чаралар менен күн бою уланды. Программанын катышуучулары КТМУнун түрк дүйнөсүнүн келечегине салым кошкон илхам булагы болуп, түрк дүйнөсүнө кызмат кылган алдыңкы билим берүү мекемеси экенин белгилешти. Ошондой эле, программага катышкан студенттердин бири: "Манас университетинде окуу бизге билим гана бербейт; ошондой эле маданий көпүрөлөрдү курууга жана келечекке үмүт менен кароого илхам берет. Бул 30 жылдын бир бөлүгү болуу менен сыймыктанабыз", — деп өз сезимин жана сыймыгын бөлүштү.



# Түркия Республикасынын Вице-президенти Жевдет Йылмаз "Манас" университетин зыярат кылды

***Түркия Республикасынын Вице-президенти, профессор Жевдет Йылмаз, Кыргызстанга болгон расмий сапарынын алкагында Түрк дүйнөсүнүн эң көрүнүктүү жогорку окуу жайларынын бири болгон Кыргыз-Түрк "Манас" университетин зыярат кылды.***





2025-жылдын 18-сентябрында Чыңгыз Айтматов кампусунда өткөн зыяратта Түркия Республикасынын Вице-президенти, профессор Жевдет Йылмаз, Түндүк Кипр Түрк Республикасынын Курулуш жана Транспорт министри, профессор, Эрхан Арыклы менен Түркия Республикасынын Жогорку Билим Берүү Кеңешинин төрагасы, профессор Эрол Өзварды, КТМУнун Камкорчулар Кеңешинин төрагасы, профессор Ибрахим Чапак, Түркия Республикасынын Президенттик Стратегия жана Бюджет Башкармалыгынын төрагасы Ибрахим Шенел, Жогорку Билим Кеңешинин төрагасынын орун басары, профессор Нажи Гундоган, ректор, профессор Алпаслан Жейлан, биринчир проректор, саясий и.к., доцент Алмаз Ибраев, ректордун орун басары, профессор Камалбек Карымшаков, башкы катчы, профессор Исмет Алтынташ, Түркия Республикасынын Бишкек Элчилигинин билим боюнча кеңешчиси Күршат Дулкадир, академиктер жана студенттер расмий салтанат менен тосуп алышты.



Профессор Йылмаз, профессор Эрол Өзвар жана Түркия Республикасынын Бишкектеги Элчиси Мекин Мустафа Кемал Өкем ректордун кабинетинде кабыл алынды.




Жолугушууда 1995-жылы түрк жана кыргыз элдеринин биргелешкен демилгеси менен негизделген Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин билим берүү ишмердүүлүгү, илимий жетишкендиктери, Түрк дүйнөсүнө сапаттуу адистерди даярдоосу жана эл аралык деңгээлдеги орду тууралуу кенен маалымат берилди.

Андан соң профессор Йылмаз университеттин каалоо-тилек китебине кол коюп, "Манас" университетинин жамаатына ийгилик каалады. КТМУнун окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү менен жолугуп, кыскача баарлашып, "Манас университети келечекте да Түрк дүйнөсүнүн илим жайларынын бири бойдон кала берет деп чын жүрөктөн ишенем", — деп белгиледи.



Түрк дүйнөсүнүн чолпон жылдызы болгон "Манас" университети эки тууган өлкө — Түркия менен Кыргызстандын биргелешкен келишими негизинде бир максатты көздөй түзүлгөн; билим, илим, маданият жана технология жаатындагы эл аралык жетишкендиктери менен белгилүү жана бул тармактарда лидерлик ролун туруктуу кармап келе жаткан кадырлуу жогорку окуу жайы экенин дагы бир жолу көрсөттү.



Сапар белек тапшыруу жана чогуу сүрөткө түшүү менен жыйынтыкталды.



# КР Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары Бакыт Төрөбаев“Манас” университетине 30 жылдык мааракe алкагында келип кетти

***КР Министрлер Кабинетинин Төрага орун басары жана Суу ресурстары, Айыл чарба жана Тамак-аш өнөр жай министри Бакыт Төрөбаев 2025-жылдын 1-октябрында Кыргыз-Түрк “Манас” университетине 30 жылдык мааракесинин алкагында расмий иш-сапар менен келип, сылык маанайдагы жолугушуу өткөрдү.***





Министр Төрөбаевди КТМУнун ректору, профессор Алпаслан Жейлан, биринчи проректор, саясий и.к., доцент Алмаз Ибраев жана проректорлор профессор Исмет Алтынташ менен профессор Камалбек Карымшаков тосуп алышты. Ректоратта өткөн жолугушууда ректор Жейлан, министр Төрөбаев жана анын делегациясын университетте кабыл алып жатканына кубанычын билдирди.

Чогулуш залында өткөн жолугушууда министр Төрөбаев жана делегациясы университет жетекчилиги жана факультет декандары менен жолугушту. Жолугушууда КТМУ факультеттеринде жүргүзүлүп жаткан илимий жана колдонмо иштер кеңири тааныштырылды.

Өз сөзүндө кызматташтыктын маанисине токтолгон министр Төрөбаев “Ар түрдүү тармактарда иштеген делегациябыз менен таанышуу жана тажрыйба алмашуу үчүн бул жерге келип отурабыз. Суу ресурстары, айыл-чарба, кайра иштетүү, логистика, кооперация, механизация, экспорт, инвестиция, билим берүү, санариптештирүү жана тажрыйба алмашуу сыяктуу негизги багыттар боюнча маалымат алмашууну жана келечекте кызматташтыкты өркүндөтүүнү каалайбыз”-деди.


“Манас” университетинин 30 жылдыгын да белгилеп өткөн министр Төрөбаев, университеттин абройлуу ордуна көңүл буруп:“Манас университети кадыр-баркы жана таанымалдыгы менен айырмаланган жогорку окуу жай болуп саналат. Жаштарыбыздын бул жерде билим алууга болгон каалоосу абдан жогору. Ийгиликтериңиздердин мындан ары да улана беришин каалайбыз.” - деп билдирди.

Зыяраттын жүрүшүндө делегация, табигый илимдер факультетинин деканы, профессор Гүлбүбү Курманбекованын жетекчилигинде лабораторияларды кыдырып, молекулалык генетика, биотехнология, биохимия-гистохимия жана жалпы биология боюнча иштер менен таанышты. Андан соң, Инженердик факультетинин деканы, доцент Нурзат Тотубаеванын коштоосунда инженердик лабораториялар менен таанышып, колдонмо иштерди көрүштү. Ветеринардык факультеттин окутуучусу, профессор Аскарбек Түлөбаевдин жетекчилигинде клиникалык жана лабораториялык иштер таанытылды.

Сапар министр Төрөбаевге университеттин атынан белек тапшыруу жана жалпы сүрөткө түшүү менен аяктады.











# "Манас" университетинде 2025-2026-окуу жылы Түркия Республикасынын Жогорку билим берүү комитетинин төрагасы Эрол Өзвардын катышуусу менен ачылды

***2025-жылдын 18-сентябрында Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин Маданият борборунда уюштурулган 2025-2026-окуу жылын ачуу салтанаты Түркия Республикасынын Жогорку билим берүү комитетинин төрагасы, профессор Эрол Өзвардын катышуусу менен өткөрүлдү.***

Программага Түркия Республикасынын Жогорку билим берүү комитетинин төрагасы, профессор Эрол Өзвар, КТМУнун камкорчулар кеңешинин төрагасы, профессор Ибрахим Чапак, Түркия Республикасынын Президентинин Администрациясынын Стратегия жана бюджет башкармалыгынын башчысы Ибрахим Шенел, Түркия Республикасынын Жогорку билим берүү комитетинин аткаруу кеңешинин мүчөсү, профессор Нажи Гүндоган, ректор, профессор Алпаслан Жейлан, биринчи проректор, саясий и.к., доцент Алмаз Ибраев, проректор, профессор Камалбек Карымшаков, башкы катчы, профессор Исмет Алтынташ, Түркия Республикасынын Бишкек Элчилигинин билим берүү боюнча кеңешчиси Куршат Дулкадир, Кыргызстан, Түркия, Казакстан, Өзбекстан, Венгрия жана Россиядан келген университеттердин ректорлору, ТҮРКСОЙдун башкы катчысынын орун басары Сайит Юсуф, профессордук окутуучулук курам, студенттер жана басма сөз өкүлдөрү катышты.

Эки өлкөнүн улуттук гимндери аткарылгандан соң университетибиздин таанытуу тасмасы көрсөтүлүп, программа ачылыш сөздөр менен уланды.

**Түркия Республикасынын Жогорку билим берүү комитетинин төрагасы, профессор Эрол Өзвар 2025-2026 окуу жылынын ачылыш аземине катышты**

Түркия Республикасынын Жогорку билим берүү комитетинин төрагасы, профессор Эрол Өзвар "Манас" университетинин 2025-2026-окуу жылын ачуу салтанатында сүйлөгөн сөзүндө университеттин кыргыз-түрк биримдигинин жана жалпы маданияттын эң маанилүү символдорунун бири экенин белгиледи.

***Профессор Өзвар: "Манас" университети – маданият көпүрөсү жана илимдин уясы"***

Профессор Өзвар ачылыш сөзүндө төмөнкүлөргө токтолду: "Кыргыз баатыры Манастын атын ташыган жана жалпы тарыхыбыздын жана маданиятыбыздын символу болгон бул окуу жайында сиздер менен бирге болуу мен үчүн чоң кубаныч жана сыймык". Жаңы окуу жылын ачуудан сырткары, жалпы максаттарга жетүү үчүн биргелешип алдыга умтулуу аракетин дагы бир жолу көрсөтүп жатканын белгилеген профессор Өзвар, "Манас" университети жөн эле университет эмес, ал ошондой эле маданият









көпүрөсү жана илимдин уясы экенин баса белгиледи

***"Манас" университетинде ачылган Медицина факультети кыргыз-түрк өнөктөштүгүнө салым кошот***

Профессор Эрол Өзвар "Манас" университетинин Түрк Дүйнөсүнүн алдыңкы жогорку окуу жайларынын бири катары татыктуу ордун алганын белгиледи: "Бүгүн ак халат кийген студенттерибизди дагы көрүп жатам. Жаштарыбызга ийгилик жана жетишкендиктерди каалайм." Профессор Өзвар университетте ачылган жаңы Медицина факультетинин дагы көптөгөн ийгиликтергн жол ачышын каалап, төмөнкүлөргө токтолуп өттү: "Жаңы факультетибиз Түркия менен Кыргызстандын саламаттыкты сактоо жана илим тармагындагы кызматташтыгына салым кошооруна жана студенттерибизге универсалдуу стандарттарга ылайык билим берээрине ишенем."

Ачылыш сөзүндө "Манас" университети жөн гана жергиликтүү университет болуудан дагы глобалдык билим борборуна айланганын белгилеген Жогорку билим берүү комитетинин төрагасы, профессор Өзвар ректор Алпаслан Жейланга жана университетибиздин бардык профессордук-окутуучулук курамынын кошкон зор салымдары жана эмгектери үчүн ыраазычылыгын билдирип, чын дилден куттуктады. Профессор Өзвар сөзүн төмөнкүдөй улантты: "Бул жетишкендиктер университетибиздин эл аралык аренада таанымалдуулугун жана активдүүдүлүгүн көрсөтүп жаткандыгы абдан кубанычтуу көрсөткүчтөр. "Манас" университети Түрк Дүйнөсүнүн илим уясы жана билим борбору болуу жолунда эң күчтүү талапкерлердин бири болуп калды".

Жогорку билим берүү комитетинин төрагасы, профессор Өзвар сөзүн "Манас" университетинде берилген билимдин жөн гана теориялык маалыматтар менен чектелбестен, студенттерге жалпы маданий баалуулуктарыбызды жана терең тарыхыбызды үйрөтөөрүн баса белгиледи. Профессор Өзвар жаңы окуу жылы "Манас" университетинин үй-бүлөсүнө, Түркияга, Кыргызстанга жана бүткүл Түрк Дүйнөсүнө жакшылыкка буюрсун деп тилектештигин билдирди.

КТМУнун Камкорчулар кеңешинин төрагасы, профессор Ибрахим Чапак Түркия Республикасынын Жогорку билим берүү комитетинин төрагасы, профессор Эрол Өзвардын "Манас" университетин зыяраты үчүн кубанычта болгондугун билдирди. Профессор Чапак профессор Өзвар университеттин ар бир этабында колдоо көрсөтүп келгенин белгиледи: "Медицина факультети талыкпаган аракет менен ачылды жана университетибизге күч кошту.








Келечекте университетибизге, Кыргызстанга жана Түркияга кызмат кыла турган көптөгөн баалуу программалар ишке ашырылат. Биз келген студенттерибизди, окуутуучуларыбыз менен биргеликте сапаттуу билим бере алаарыбызга ишенебиз"

Камкорчулар кеңешинин төрагасы, профессор Чапак жаңы окуу жылы "Манас" университетинин үй-бүлөсүнө ден-соолук, тынчтык жана ийгилик алып келсин деп тилектештигин билдирди.

КТМУнун ректору, профессор Жейлан ачылыш сөзүндө, Теңир тоолорунун этегинде жайгашкан "Манас" университетинде Түркия Республикасынын Жогорку билим берүү комитетинин төрагасы, профессор Эрол Өзварды кабыл алуудан чоң кубанычта экенин билдирди. Профессор Жейлан Өзварга университетте ачылган жаңы Медицина факультетинин иштерине көрсөткөн баалуу колдоосу үчүн ыраазычылыгын билдирди.

Профессор Жейлан: "Манас" университетининүй-бүлөсү атынан Жогорку билим берүү комитетинин төрагасы, профессор Эрол Өзварга терең ыраазычылыгымды билдирем. Төрагабыздын университетибизге көрсөткөн колдоосу, айрыкча жаңы ачылган Медицина факультетининин ачылуусуна кошкон салымы биздин мекемебизди бекемдеди жана студенттерибиздин академиялык сапарына баалуулук кошту. 2025-2026-окуу жылы университетибизге, студенттерибизге жана окутуучулук жамаатыбызга ден-соолук, ийгилик алып келсин; "Манас" университети Түрк Дүйнөсүнүн илим жана билим берүү тармагындагы лидер мекемелеринин бири катары өсүшүн улантсын деп тилейм."

"Манас" университетинин биринчи проректору, саясий и.к., доцент Алмаз Ибраев сөзүндө КТМУнун дүйнө жүзүндө алдыңкы 1000 университеттин катарына киргүүсү маанилүү жетишкендик экенин баса белгиледи: "Бул соң эмес, жаңы гана башталыш. Биздин максат — университетибизди биргеликте дүйнөнүн алгачкы 500 университетинин катарына киргизүү."

Университетте ишке ашырылчу инновациялык реформаларга да токтолгон биринчи проректор Ибраев: "Факультеттерибизди жана бөлүмдөрүбүздү анализдеп, күчтүү академиялык түзүмдү түзөбүз. Бул аркылуу студенттерибизге жана окутуучулук жамаатыбызга эң жогорку стандарттарды камсыз кылып эле тим болбостон, университетибизди глобалдык деңгээлде атаандаштык жөндөмү жогору мекемеге айлантабыз."

Сөзүнүн аягында, жаңы окуу жылы "Манас" университетинин үй-бүлөсүнө, Түркияга,








Кыргызстанга жана бүткүл Түрк Дүйнөсүнө ийгиликтүү болсун деп тилеген биринчи проректор Ибраев, Жогорку билим берүү комитетинин төрагасы Эрол Өзварга университетибизге болгон зыяраты үчүн ыраазычылыгын билдирди.

2025-2026-окуу жылын ачуу салтанатындагы сүйлөгөн сөздөрүнүн соңунда, ректор Алпаслан Жейлан жана биринчи проректор Алмаз Ибраев, Жогорку билим берүү комитетинин төрагасы профессор Эрол Өзварга "Манас" университетинин 30 жылдык ийгилик жолунун символу жана Түрк Дүйнөсүнө кошкон салымы катары 30-жылдыкка арналган медаль менен сыйлады.Программа эстеликке сүрөткө түшүү менен аяктады.



# 30 жылдыгында Манас университетине Монголия жана Кыргызстандын билим берүү министрлери расмий сапар менен келишти

***Монголиянын Билим берүү министри Наранбаяр Пурэвсүрэн расмий жолугушууларды өткөрүү максатында Бишкек шаарына келип, 2025-жылдын 22-июлунда Кыргызстан Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министри Бактыяр Орозов менен биргеликте Кыргыз-Түрк "Манас" университетине расмий сапар жасады. Бул сапар университеттин 30 жылдык мааракесинин алкагында уюштурулуп, билим берүү тармагындагы эки өлкөнүн кызматташтык мамилелерин чыңдоого багытталды.***





Конокторду ректор, профессор Алпаслан Жейлан, проректор, саясий и.к., доцент Алмаз Ибраев жана проректорлор профессор Режаи Доган менен профессор Камалбек Карымшаков ректорлук макамында тосуп алышты.

Жолугушууда Монголиянын билим берүү министри Пурэвсурэн Кыргызстан менен Түркиянын биргелешкен аракети менен негизделген бул жогорку билим берүү мекемесин жеринен көрүп жатканына кубанычта болгонун билдирди. Ал "Манас" университетинин эл аралык академиялык кызматташуу жаатында маанилүү мүмкүнчүлүктөрдү сунуштаарын баса белгиледи.

Ректор, профессор Алпаслан Жейлан делегацияга университеттин жалпы түзүмү, академиялык программалары жана Түрк дүйнөсүнө багытталган концепциясы тууралуу кеңири маалымат берди. Айрыкча, университетте билим алган студенттердин кайсы өлкөлөрдөн келгендиги, көп тилдүү билим берүү чөйрөсү жана эл аралык студенттердин курамы тууралуу дагы маалыматтарды берди. Профессор Жейлан "Манас" университетинин Кыргызстан менен Түркиядан гана эмес, Борбор Азиядан тарта көп өлкөлөрдөн келген студенттерге билим берип жатканын белгилеп, Монголиядан келген студенттердин да университетте билим алып жатканына кубанычта экенин билдирди.



Иш сапардын алкагында делегация университеттин академиялык бөлүмдөрүн, заманбап лабораторияларын, студенттик жатаканаларын, "Манас ТВ" студияларын жана "Манас" радиосун кыдырып, аткарылып жаткан иштер тууралуу маалымат алды.

Программа университетибиздин окуу жана баарлашуу борборунда сунушталган салттуу кыргыз-түрк сый тамактары менен коштолгон жылуу маек менен уланды. Сапар өз ара белектерди тапшыруу жана жалпы эстеликке сүрөткө түшүү менен аяктады.



# “Манастан тарыхка сапар”: “Манас” университетинен поезд менен унутулгус саякат

***2025-жылдын 7-сентябрында Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин 30 жылдык маарекесинин алкагында “Манастан тарыхка сапар” аттуу өзгөчө иш-чара болуп өттү.***









Университетибиз Кыргыз темир жолдору менен кызматташып, Бишкектен Балыкчыга поезд менен маданий сапар уюштурулду. Кыргызстанда биринчи ирет уюштурулган бул иш-чарада, Кыргыз темир жолдоруна таандык 15 вагондон турган поезд быйылкы сезондун акыркы сапарын “Манас” университетинин үй-бүлөсү менен жасады.

Балыкчы шаарынын мэриясы колдогон бул маданий иш-чарага “Манас” университетинин ректору, профессор Алпаслан Жейлан, биринчи проректор саясий и.к., доцент Алмаз Ибраев, ректор жардамчысы, профессор Камалбек Карымшаков, башкы катчы, профессор Исмет Алтынташ, ректор кеңешчилери, алардын катарында окутуучулар жана административдик кызматкерлер да катышты. Сапар студенттер үчүн акысыз өткөрүлүп, жаңы окуу жылына демилге болду.








Жалпы катышуучулар эрте менен Чыңгыз Айтматов кампусунан жолугуп, автобус менен Бишкек темир жол бекетине жеткирилди. Поезддин алдында кыскача бий программасы тартууланып, поезд саат 07:45те Бишкектен Балыкчыны көздөй жолго чыкты. Жолдо студенттер ыр ырдап, бийлеп, көңүлдүү убакыт өткөрүштү. Ректор, профессор Алпаслан Жейлан вагондорду кыдырып, студенттер менен маектешти.

Поезддин ичиндеги телевизорлордо тарыхый жерлер тууралуу атайын даярдалган видеолор көрсөтүлүп, гиддер жибек жолунун маанисин, Карахандар доорундагы Баласагын шаарын, Бурана мунарасын жана Көк-Түрктөрдүн жайкы борборлорун тааныштырды. Катышуучулар ата-бабалардын изи менен Ысык-Көлдү бойлоп, тарыхка саякат жасашты.

### ***Балыкчыдагы салтанаттуу тосуп алуу***

Поездди Балыкчы шаарында “Манас” атындагы №10 орто мектебинин директору жана окуучулары салтанаттуу тосуп алышты. Элдик бий жана улуттук обондор менен коштолгон бул салтанат катышуучуларга унутулгус маанай тартуулады.

Ысык-Көл жээгинде желектер менен коозделгон сахнада өзгөчө концерттик программа тартууланып, иш-чара ачык асман алдында өттү. Концерт алдында ректор, профессор Алпаслан Жейлан сөз сүйлөп, “Манас” университетинин миссиясына жана Түрк дүйнөсүндөгү маанисине токтолду.

Профессор Жейлан: “Манас университети жөн гана окуу жай эмес, андан да артык, чоң мааниге ээ”

Ректор Жейлан өз сөзүндө: “Биз дүйнөдөгү кадыр-барктуу университеттердин бирибиз. “Манас” университети – бул жөн гана билим берүүчү жай эмес, ал университеттен да артык. Максатыбыз – билим берүү менен гана чектелбестен, Түрк дүйнөсүнүн жүрөгү болгон Кыргызстанда биргеликте жакшы күн өткөрүү. Президент Режеп Тайийп Эрдоган белгилегендей, эң башкы максатыбыз – адамга кызмат кылуу”-деди.

Ошондой эле Ысык-Көлдүн түрк маданиятындагы ордун белгилеп: “Ысык-Көл – адабиятыбыздын, тарыхыбыздын жана маданиятыбыздын эң чоң байлыктарынын бири. Чыңгыз Айтматов өз чыгармаларында Ысык-Көлдү түбөлүккө калтырып, бул



мурастын кийинки муундарга жетишин камсыз кылган. Биз бул жерге сөз менен эмес, жүрөгүбүз менен келдик"-деди.

**"Бул жөн гана сапар эмес, илимий жана маданий тажрыйба"**

Биринчи проректор саясий и.к., доцент Алмаз Ибраев: "Мен Ысык-Көлдөн болгонума байланыштуу бул жерге келип, абдан толкунданып турам. Бизди Балыкчыда жылуу тосуп алган шаар жетекчилигине жана тургундарга ыраазычылык билдирем. Бүгүн тарыхый күн"-деди.

Ал "Манас" университетинин маанисин белгилеп: "Биз дүйнөдө биринчи жолу 15тен ашык вагону бар поездди ижарага алып, студенттерибиз жана окутуучуларыбыз менен тарыхый саякатка чыктык. Бул жөн гана саякат эмес, илимий, тарбиялык жана маданий тажрыйба"-деди.

Мектеп директору Шайлообек Табалдиев сөз алып, "Манас" университетинин 30 жылдыгын куттуктап: "Урматтуу кесиптештер, 30 жылдыгыңыздарды биздин мектеп, мугалимдер жамааты жана миңдеген окуучуларыбыздын атынан куттуктайм. Бул

> **"Биз дүйнөдө биринчи жолу 15тен ашык вагону бар поездди ижарага алып, студенттерибиз жана окутуучуларыбыз менен тарыхый саякатка чыктык. Бул жөн гана саякат эмес, илимий, тарбиялык жана маданий тажрыйба"**





күн биздин да тарыхыбызга алтын тамгалар менен жазылды"-деди.

Андан соң концерт, музыка жана бий көрсөтүүлөрү менен иш-чара уланып, катышкандарга Ысык-Көлдүн жээгинде унутулгус маанай тартууланды.

Иш-чаранын аягында ректор, профессор Алпаслан Жейлан Балыкчыдагы ак сакалдар менен жолугуп, алардын батасын алды. Катышуучулар бул маанилүү сапардан кийин унутулгус элестер менен кайра Бишкекке кайтышты.














# Түрк дүйнөсүнүн ректорлору «Манас» университетинде жолугушту

***Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин 30 жылдык маарекесинин алкагында ректорлор форумы өткөрүлдү. Түрк дүйнөсүндөгү жогорку окуу жайлардын ректорлорун бириктирген иш-чара 2025-жылдын 18-сентябрында университеттин Маданият борборунда болуп өттү.***



КЫРГЫЗ - ТҮРК "МАНАС" УНИВЕРСИТЕТИНИН КАБАР БЮЛЛЕТЕНИ 30-ЖЫЛГА АТАЙЫН ЧЫГАРЫЛЫШ

Форумга КТМУнун Камкорчулар кеңешинин төрагасы, профессор Ибрахим Чапак, Түркия Республикасынын Президенттик стратегия жана бюджет башчысы Ибрахим Шенел, Түркия ЖОЖдор кеңешинин төрагасынын орун басары, профессор Нажи Гүндоган, «Манас» университетинин ректору, профессор Алпаслан Жейлан, биринчи проректор, саясий илимдер кандидаты, доцент Алмаз Ибраев, ректор жардамчысы, профессор Камалбек Карымшаков, башкы катчы, профессор Исмет Алтынташ, ошондой эле Кыргызстан, Түркия, Казакстан, Өзбекстан, Венгрия жана Орусиядан келген бир катар университеттердин ректорлору, орун басарлары, академиктери жана окумуштуулары катышты.

Программа «Манас» университетинин таанытуу тасмасы менен башталып, андан кийин түрк дүйнөсүнүн университет ректорлорунун билим жана илим тармагындагы кызматташуусу чыңдоо тууралуу сүйлөшүүлөрү менен уланды.

***«Манас» университетинин ректору, профессор Алпаслан Жейлан форум тууралуу мындай деди:***

«Бул иш-чара түрк дүйнөсүндөгү университеттердин биргелешип иштөө мүмкүнчүлүгүн көрсөтүп жатат. "Манас" университети бүгүнкү күнгө чейин дүйнөнүн көптөгөн университеттери менен кызматташтыкты ишке ашырып келди. Бүгүн бул жерде ректорлорубузду кабыл алып жаткандыктан чоң кубанычтабыз. Ошондой эле 30 жылдык маарекебизде куттуктоо жана ийгилик каалоо сөздөрүн жолдогон бардык ректорлорго жана окумуштууларга ыраазычылык билдирем», — деди ал.

Форумга Сулейман Демирел университети, Ататүрк университети, Хожо Ахмет Ясави атындагы Казак-Түрк университети, М. Акмулла Башкыр мамлекеттик педагогикалык университети, Ташкент мамлекеттик педагогика жана экономика институту, Казакстандагы Аль-Фараби атындагы Казак улуттук университети, Назарбаев университети, Юнус Режепи атындагы Өзбек улуттук музыка жана искусство институту, Анжиян айыл чарба жана агротехнология институту, Наманган мамлекеттик университети, Ишеналы Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети, Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясы жана Коркут Ата Кызылордо мамлекеттик университетинин жетекчилери катышып, «Манас» университетинин 30 жылдык маарекесин куттукташты.

Сүйлөө сөздөрүнөн кийин КТМУнун ректору, профессор Алпаслан Жейлан жана биринчи проректор, саясий илимдер кандидаты, доцент Алмаз Ибраев форумга келген ректорлорго «Манас» университетинин 30 жылдык ийгиликтерин жана түрк дүйнөсүнө кошкон илимий, маданий жана академиялык салымын туюнткан «30 жылдык медалды» тапшырышты.

Форум түрк дүйнөсүнүн университеттери ортосундагы билим алмашуу, илимий кызматташтык жана маданий байланыштарды чыңдоонун маанисин белгилеп, келечектеги стратегиялык өнөктөштүктөргө жол ачты. Бул иш-чара жөн гана маарекелик майрам болбостон, аймактык академиялык интеграция жана эл аралык кызматташтык үчүн маанилүү илимий аянтча болду.



# Түрк мамлекеттери уюмунун Башкы катчысы Кубанычбек Өмүралиев КТМУга келди

***2025-жылдын 19-сентябрында Түрк мамлекеттери уюмунун (ТМУ) Башкы катчысы Кубанычбек Өмүралиев Кыргыз-Түрк «Манас» университетине (КТМУ) келди. Өмүралиевди КТМУнун ректорлук имаратында ректор, профессор Алпаслан Жейлан, биринчи проректор, саясий илимдер кандидаты, доцент Алмаз Ибраев жана ректордун кеңешчиси, профессор Октай Өзгүл тосуп алды.***













Ректорлук макамында болуп өткөн жолугушууда Өмүралиев «Манас» университетинин 30 жылдык маарекесин куттуктап, университеттин Түрк дүйнөсү үчүн маанилүүлүгүнө токтолду. Өмүралиев өз сөзүндө:

«“Манас” университетинин 30 жылдык маарекеси куттуу болсун. Бул университет — Кыргызстан жана Түркияда эле эмес, дүйнө жүзүнө да таанылып баштаган ийгиликтүү билим берүү мекемеси. Бүтүрүүчүлөрүңөр Борбор Азиядан баштап дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүндө кызмат кылып жатышат. Жаштар — биздин келечегибиз. Билимсиз жаштар кайда барат? Бүгүн дүйнө илим жана инновация доорунда.

“Манаста” жан дили менен иштеп жаткан бардык окутуучулук жана административдик кызматкерлердин эмгеги зор. Сиздерди чын жүрөктөн куттуктайм жана мындан да чоң ийгиликтерди каалайм. “Манас” университетинин Түрк дүйнөсүнө кошкон салымы абдан чоң»*, — деп белгиледи.

Ректор, профессор Алпаслан Жейлан ТМУнун Башкы катчысы Өмүралиевдин университетке болгон сапарына кубанычын билдирип, мындай деди:

«Түрк мамлекеттери уюмунун башында болушуңуз — биз үчүн чоң сыймык. Университетибизге кошкон салымыңыз жана колдооңуз үчүн ыраазычылык билдирем».

Жолугушуу жалпы эстеликке сүрөткө түшүү жана ТМУнун Башкы катчысы Кубанычбек Өмүралиевге КТМУнун 30 жылдык медалын тапшыруу менен аяктады. Жолугушуудан кийин Өмүралиев университеттин “Манас ТВ” студиясына да барып, ал жердеги иштер тууралуу маалымат алды.



# “Манас университетинин 30 жылдык маарекесинде — Медицина факультети студент кабыл алууну баштады”

***Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин (КТМУ) Медицина факультети узак даярдык мезгилинен кийин 2025–2026-окуу жылында алгачкы студенттерин кабыл алып, билим берүү ишмердүүлүгүн баштады. Бул окуя университет үчүн гана эмес, Кыргызстан жана түрк дүйнөсү үчүн да стратегиялык мааниге ээ тарыхый кадам болду.***







**Президент Эрдогандын демилгеси менен башталган жол**

Медицина факультетинин негизделүү тарыхы 2018-жылдын 2-сентябрында Түркия Республикасынын Президенти Урматтуу Режеп Тайип Эрдогандын Кыргызстанга болгон расмий сапарынын алкагында Бишкек шаарында өткөн пайдубал салуу аземи менен башталган. Урматтуу Президенттин көрсөтмөлөрүнө ылайык башталган бул процесс КТМУнун ректору, профессор доктор Алпаслан Жейландын Кыргызстандын Билим берүү жана Илим министрлиги жана Саламаттык сактоо министрлиги менен жүргүзгөн иш-аракеттеринин натыйжасында, тиешелүү уруксаттардын алынышы жана ошол учурдагы Камкорчулар кеңешинин төрагасы профессор доктор Фахреттин Алтун баштаган кеңеш мүчөлөрүнүн колдоосу менен факультеттин расмий түрдө түзүлүшү менен жыйынтыкталган.

**Факультеттин түзүлүшү жана академиялык өнүгүүсү**

Факультет негизделгенден кийинки мезгилде анын материалдык-техникалык базасы жана академиялык түзүмү калыптандырылып, лицензия алуу, окуу программасын иштеп чыгуу жана эл аралык кызматташтык багыттарында маанилүү жетишкендиктерге жетишилди. 2025-жылга карата Ректорлук жетекчилигинин колдоосу жана учурдагы Камкорчулар кеңешинин төрагасы профессор доктор Ибрахим Чапактын демилгеси менен факультет студент кабыл алуу этабына чыкты.

**Саламаттыкты сактоо илимдеринин университети менен эл аралык кызматташтык**

2025-жылдын 18-июнунда Кыргыз-Түрк «Манас» университети менен Түркиянын беделдүү жогорку окуу жайларынын бири болгон Саламаттыкты сактоо илимдеринин университети (СБУ) ортосунда Стамбул шаарындагы «Мектеб-и Тыббыйие-и Шахане» кампусунда медицина багыты боюнча “Эл аралык биргелешкен бакалавр программасы жөнүндө протоколго” кол коюлган.

Бул протоколдун негизинде студенттер алгачкы үч жылдык билимдерин КТМУда, клиникалык билим берүү басымдуу болгон кийинки үч жылдык окуусун СБУнун курамында улантышат. Окуу программасы түрк жана кыргыз тилдеринде жүргүзүлүп, ийгиликтүү бүтүргөн студенттерге эки өлкө тарабынан таанылган эки диплом берүү мүмкүнчүлүгү каралган.

**“Кыргызстанда түрк билим берүү тутуму менен дарыгерлер даярдалат”**

КТМУнун ректору профессор доктор Алпаслан Жейлан Медицина факультетинин университеттин 30 жылдыгына туш келген жылы ишин баштагандыгын чоң сыймык катары баалап, мындай деди:

“Урматтуу Президентибиз Режеп Таййип Эрдогандын кеңири көрөгөчтүк менен берген көрсөтмөсүн ишке ашыргандыгыбыз биз үчүн чоң урмат. Бул окуя эми Кыргызстанда түрк билим берүү системасы менен тарбияланган жаш дарыгерлердин чыгышын билдирет. Бул биздин университет үчүн өзгөчө баалуу жетишкендик.”

**“Жаштар үчүн чоң мүмкүнчүлүк”**

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министри Эркин Чечейбаев Медицина факультетинин ачылышына байланыштуу пикирин билдирип, мындай деди:

“Өз өлкөбүздө, Кыргызстанда, Түркиянын дүйнөдө таанылган медицина билим берүү системасы боюнча билим алуу мүмкүнчүлүгүнүн жаралышы — абдан кубанычтуу көрүнүш. Студенттердин алгачкы үч жылды Кыргызстанда, кийинки үч жылды Түркияда окушу — медицина багытын тандоону каалаган жаштарыбыз үчүн чоң мүмкүнчүлүк.”

**Үч диплом менен бүтүрүү артыкчылыгы**

Министр Чечейбаев кошумчалап, мындай деди:

“Манас университетинин Медицина факультетинин дипломдору Кыргызстан менен Түркиянын тиешелүү органдары тарабынан расмий түрдө таанылат. Бүтүрүүчүлөр КТМУнун кыргыз жана түрк дипломдору менен катар Түркиядагы Саламаттык сактоо университетинин дипломун да алышат. Бул — студенттер үчүн да, эки өлкөнүн билим берүү кызматташтыгы үчүн да абдан маанилүү жетишкендик.”

# "Манастын" 30 жылдык сыймыгы: Биздин бүтүрүүчүлөр келечекке карай жаңы жолго аттанышты

***Кыргыз-Түрк "Манас" университети 2024–2025-окуу жылынын 24-бүтүрүүчүлөрүн чоң шаң, сөз менен жеткире алгыс сыймык жана кол чабуулар менен узатты. 2025-жылдын 28-майында Чыңгыз Айтматов атындагы студенттик шаарчанын ачык спорт аянтчасында өткөн салтанаттуу Бүтүрүү аземи академиялык жетишкендиктерди даңазалоо менен бирге унутулгус көз ирмемдерге толду.***



КЫРГЫЗ - ТҮРК "МАНАС" УНИВЕРСИТЕТИНИН КАБАР БЮЛЛЕТЕНИ 30-ЖЫЛГА АТАЙЫН ЧЫГАРЫЛЫШ



Аземге КТМУнун ректору, профессор Алпаслан Жейлан, биринчи проректор, саясий и.к., доцент Алмаз Ибраев, проректорлор, факультеттердин декандары, жогорку мектептердин мүдүрлөрү, башкы катчы, Азербайжандын, Өзбекстандын Кыргызстандагы элчилери, Түндүк Кипр Түрк Республикасынын, Ирандын жана Түркмөнстандын дипломатиялык өкүлдөрү, жогорку окуу жайлардын биринчи проректорлору, академиялык жана административдик кызматкерлер, басма сөз өкүлдөрү жана студенттердин үй-бүлөлөрү катышты.

**30 жылдык шаңы менен көркүнө көрк кошулган Бүтүрүү аземи**

30 жылдык маарекесин белгилеген, түрк дүйнөсүнүн билим берүү тармагынын мыктысы жана сыймыгы болгон Кыргыз-Түрк "Манас" университети 2024–2025-окуу жылынын Бүтүрүү аземин бүтүрүүчүлөрдүн салтанаттуу жүрүшү менен ачты. Андан соң Кыргыз Республикасынын жана Түркия Республикасынын мамлекеттик гимндери аткарылып, иш-чара университет жетекчилери менен протокол мүчөлөрүнүн куттуктоо сөздөрү менен уланды.

**Ректор, профессор Жейлан: "Кыргыз-Түрк "Манас" университети — цивилизациянын алып жүрүүчүсү"**

КТМУнун ректору, профессор Алпаслан Жейлан Бүтүрүү аземинде сөзүн бүтүрүүчүлөрдү жана алардын үй-бүлөлөрүн куттуктоо менен баштап, "Манас" университети бир гана билим

> ***"...30 жылдык мааракени белгилеп жаткан ушул өзгөчө күнү студенттерди узатып жатканыбызга абдан сыймыктанып жатабыз. Бирок биз жөн гана диплом бербестен, абийирдүү, жоопкерчиликти терең түшүнгөн жаштарды тарбиялап жатабыз. Анткени биз жөн гана университет эмеспиз — биз университеттен да артыкпыз."***

берүү мекемеси эмес, ошондой эле байыркы баалуулуктардын жана терең тамырлуу цивилизациянын алып жүрүүчүсү экенин баса белгиледи: "КТМУ — бул бир гана билим берүү мекемеси эмес, ал байыркы баалуулуктар менен терең тамырлуу цивилизациянын да алып жүрүүчүсү."

Сөзүнүн соңунда бүтүрүү гана эмес, ошол эле учурда таандык жана жоопкерчилик аң-сезими менен жасала турган жаңы кадам экенин белгилеп, мындай деди: "Бүгүн — жөн гана бүтүрүү аземи эмес, бул таандык менен жоопкерчиликтин башталышы. 30 жылдык маарекени белгилеп жаткан ушул өзгөчө күнү студенттерди узатып жатканыбызга абдан сыймыктанып жатабыз. Бирок биз жөн гана диплом бербестен, абийирдүү, жоопкерчиликти терең түшүнгөн жаштарды тарбиялап жатабыз. Анткени биз жөн гана университет эмеспиз — биз университеттен да артыкпыз."

**Окутуучулар жана административдик кызматкерлер да унутулган жок**

Профессор Жейлан өз сөзүндө окутуучуларга жана административдик кызматкерлерге ыраазычылык билдирип, "Сабак берүү маанилүү, бирок студенттин жүрөгүнө тийип, анын жан дүйнөсүнө сүңгүп кирүү, таануу — бул өзүнчө өнөр", — деди.

Административдик кызматкерлердин берилгендик менен жасаган эмгегин да эске алып, "Сиздер трибунада сөз сүйлөбөй, сахнадан алкыш ала бербейсиздер, бирок бул системанын артындагы көрүнбөгөн тирек сиздерсиздер", — деген сөздөрү менен салым кошкондордун баарына ыраазычылыгын билдирди.

Ректор Жейлан сөзүнүн аягында Чыңгыз Айтматовдун "Адамды адам кылган — анын төрөлгөн жери гана эмес, ишенген баалуулуктары" сөзүн эске салып, бүтүрүүчүлөргө кайрылды: "Түрк дүйнөсү силерди күтүп жатат. Көпүрө болгула, жакшы нерселерге себепчи болгула, биримдикте бирге болгула! Бул бир коштошуу эмес, башталыш экенин унутпагыла. Жолуңар ачык, жүрөгүңүздөр тынч, акылыңар тунук, Дениңер сак болсун!"

**Биринчи проректор саясий и.к., доцент Алмаз Ибраев: "Манас" университетинин жүзү – силерсиңер"**

КТМУнун биринчи проректору саясий и.к., доцент Алмаз Ибраев университеттин өнүгүү концепциясын жана билим берүүдөгү жаңылануулары бүтүрүүчүлөр менен бөлүшүп, мындай деди: "Билим сапатын жогорулатуу үчүн ар тараптуу аракеттерди көрүп жатабыз. Максатыбыз — жаңы муундун муктаждыктарына жооп бере турган, атаандаштыкка жөндөмдүү кадрларды өстүрүү"







Саясий и.к., доцент Алмаз Ибраев Ибраев бүтүрүүчүлөргө кайрылып, "Бүгүнкү күн —силер үчүн өзгөчө жана унутулгус күн. Студенттик жылдарда топтогон билим жана тажрыйбаңар турмуш жолуңарда бекем пайдубал болуп берет деп терең ишенем", — деди.

"Бүтүрүү — бул жеке ийгилик эле эмес, ошондой эле жалпы эмгектин жыйынтыгы", — деген биринчи проректор Ибраев бул ийгиликте окутуучулардын







жан аябас эмгеги, үй-бүлөлөрдүн колдоосу жана студенттердин ортосундагы достуктун маанилүү ролу бар экенин баса белгиледи.

**Дипломатиялык өкүлдөрдүн бүтүрүүчүлөрдү куттуктоосу**

Азербайжан Республикасынын Кыргызстандагы Атайын жана толук ыйгарым укуктуу элчиси Латиф Сейфеддин уулу Гандилов өз сөзүндө буларга токтолду: "Беш жыл бою көрсөткөн сабырдуулугуңар, тынымсыз аракетиңер жана эмгегиңер бүгүн силерди ушул сыймыктуу деңгээлге алып келди. Эми кезек — топтогон билимиңерди жана тажрыйбаңарды өз элиңерге, мекениңерге жана бүтүндөй адамзатка кызмат кылуу менен эмгектенүү." Өзбекстан Республикасынын Кыргызстандагы Атайын жана толук ыйгарым укуктуу элчиси Саидикрам Ниязходжаев: "Быйыл бүтүрүп жаткан бардык студенттерди чын дилимден куттуктайм жана жашоо сапарыңарда туруктуу ийгиликтерди каалайм", — деген жылуу тилектерин билдирди.

**Сыймык жана кубаныч коштолгон учур**

Жаңы бүтүрүүчүлөрдүн ант берүү аземи менен уланган азем "Түрк дүйнөсү" оркестринин аткаруусунда жаңырган "Майрам обону" менен өзгөчө мааниге ээ болду. Андан соң "Манас" университетинин гимни хордун коштоосунда аткарылды.

QS дүйнөлүк университеттер рейтингинде алдыңкы 1000дин катарына кирген "Манас" университетинин бүтүрүүчүлөрү сапаттуу билими менен келечекке ишенимдүү караашты.

**Окууда мыкты көрсөткүчтөргө жетишкен бүтүрүүчүлөрүбүз**

Салтанатта факультеттердин жана кесиптик жогорку мектептин мыктылары сыйланышты. Университет боюнча мыкты бүтүрүүчүлөр:

**Альбина Сатыбалдиева** – Табигый так илимдер факультети, колдонмо математика жана информатика (Орточо балл: 3,99)

**Алтынай Рахатова** – Гуманитардык факультети, англис тили жана адабияты (Орточо балл: 3,98)

**Бермет Кеңешова** – Гуманитардык факультети, педагогика илимдери, педагогикалык-психологиялык кеңеш жана көмөк программасы (Орточо балл: 3,96)

Университеттин эң мыкты бүтүрүүчүсү Альбина Сатыбалдиева салтка айланган бүтүрүүчүлөр тактасына ысым плейкасын кагып, окутуучуларына жана үй-бүлөсүнө ыраазычылык билдирди. Анын апасы да ректор, профессор Алпаслан Жейлан баш болгон окуу жайдын жалпы жамаатына ыраазычылыгын айтты.

**"Менин эмгегим — өлкөм үчүн, элим үчүн!"**

Бүтүрүү аземи студенттердин жапырт үн менен айткан: "Менин эмгегим — өлкөм үчүн, элим үчүн!" — деген сөздөрү жана асманга көкөлөгөн мантиялар менен жыйынтыкталды. Көктү жаркыраткан фейерверктер бул унутулгус мүнөттөрдү коштоп, көрктөндүрдү.

Расмий бөлүктөн кийин студенттик шаарчада уюштурулган концерттик программа менен майрамдоо уланып, белгилүү артисттер сахнага чыгып бүтүрүүчүлөргө унутулгус көз ирмемдерди тартуулашты.

**Салтанаттуу иш-чара "Манас" жана TRT Avaz телеканалдары аркылуу түз ободо көрсөтүлдү.**

Ала-Тоонун этектеринен илимдин күнү менен чыгып, бүткүл түрк дүйнөсүнө билимдин, маданияттын жана үмүттүн нурун чачкан Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин ардактуу бүтүрүүчүлөрүн чын жүрөктөн куттуктайбыз!

Эмгек, аракет жана билим менен калыптанган бул сапарыңарда, жаңы бийиктикти көздөй багыт алып жатканда, ийгиликтериңердин туруктуу болушун жана жолуңардын ачык болушун каалайбыз. Жүрөгүңөрдө бүчүр алган кыялдар ар бир кадамыңарда жолдош болсун.

# Кыргыз-Түрк «Манас» университетинен 30 жылдыкка арналган ыраазычылык: «30 жылдык медалдары» тапшырылды



***Кыргыз-Түрк «Манас» университети негизделгенине 30 жыл толгондугуна карата университеттин өнүгүүсүнө салым кошкон окутуучуларга, жетекчилерге жана Түрк дүйнөсүнүн көрүнүктүү өкүлдөрүнө «30 жылдык медалы» тапшырылды.***



Бүлөзгөчө медаль университеттин 30 жылдык ийгиликтүү жолун, анын илимий, маданий жана билим берүү тармагындагы салымдарын символдоштурат.

**Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрүнө медаль тапшырылды**

2025-жылдын 30-сентябрында Окумуштуулар кеңешинин жыйындар залында өткөн салтанатта ректор, проф. д-р Алпаслан Жейлан Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрүнө «30 жылдык медалды» тапшырды.

Иш-чарага биринчи проректор, с.и.к. доцент Алмаз Ибраев, ректордун орун басарлары проф. д-р Исмет Алтынташ жана проф. д-р Камалбек Карымшаков, ошондой эле башкы катчы доц. м.а. д-р Фатих Рамазан Истанбуллугил катышты.

Ректор, проф. д-р Жейлан өз сөзүндө КТМУнун 30 жылдык ийгилик тарыхында академиялык жана административдик жамааттын эмгеги өзгөчө мааниге ээ экенин белгилеп, бардык кызматкерлерге ыраазычылык билдирди.

**Кыргыз киносунун өнүгүүсүнө кошкон салымы үчүн Артыкбай Сүйүндүковго медаль ыйгарылды**

Кыргыз Республикасынын Эл артисти, КТМУ Коммуникация факультетинин Радио, телевидение жана кино бөлүмүнүн окутуучусу Артыкбай Сүйүндүков кыргыз киносунун өнүгүүсүнө жана университеттин маданий турмушуна кошкон зор салымы үчүн 2025-жылдын 30-октябрында «30 жылдык медаль» менен сыйланды.





Медаль тапшыруу учурунда ректор, проф. д-р Жейлан Сүйүндүковдун кыргыз искусствосунун өнүгүүсүндөгү ролун жана жаш киночуларды тарбиялоодогу эмгегин белгиледи.

**Проф. д-р Лайли Үкүбаевага «30 жылдык медаль» тапшырылды**

2025-жылдын 29-сентябрында Гуманитардык факультеттин Түркология бөлүмүнүн окутуучусу, проф. д-р Лайли Үкүбаева университетке көп жылдык эмгеги жана салымы үчүн «30 жылдык медаль» менен сыйланды.

Ректор, проф. д-р Жейлан проф. д-р Үкүбаеваны кабыл алып, анын илимий жана академиялык ишмердигин жогорку баа берип, ыраазычылык билдирди.

**ЖОК төрагасы проф. д-р Эрол Өзварга «30 жылдык медаль» тапшырылды**

КТМУнун 2025–2026-окуу жылынын ачылыш аземинде ректор, проф. д-р Алпаслан Жейлан жана биринчи проректор, проф. д-р Алмаз Ибраев Түркиянын Жогорку билим берүү кеңешинин (YÖK) төрагасы, проф. д-р Эрол Өзварга Манас университетинин 30 жылдык ийгиликтеринин символу болгон «30 жылдык медалды» тапшырды.

Проф. д-р Өзвар өз сөзүндө Манас университетинин Түрк дүйнөсүндөгү жогорку билим берүү системасы үчүн стратегиялык маанисин белгилеп, университетти аймактык жана глобалдык деңгээлдеги ийгиликтерин жогору баалады.

**Түрк академиясынын президенти жана ТМУнун башкы катчысына медаль тапшырылды**

30 жылдык иш-чаралардын алкагында КТМУ ректору, проф. д-р Алпаслан Жейлан 2025-жылдын 26-сентябрында Түрк академиясынын президенти, проф. д-р Шахин Мустафаевди жана 2025-жылдын 19-сентябрында Түрк мамлекеттери уюмунун (ТМУ) башкы катчысы Кубанычбек Өмүралиев менен жолукту.

Эки жолугушууда тең ректор, проф. д-р Жейлан коноктorго КТМУнун 30 жылдыгына арналган эстелик «30 жылдык медалды» тапшырды.

Проф. д-р Мустафаев Манас университетинин Түрк дүйнөсүндөгү илимий жана маданий миссиясын жогору баалаcard, ТМУ башкы катчысы Өмүралиев университетти аймактагы жаштарга жана Түрк дүйнөсүнө кошкон салымы үчүн ыраазычылык билдирди.

**30 жылдык ийгилик жолунун символу**

КТМУ ректору, проф. д-р Алпаслан Жейлан медаль тапшырылуу аземине байланыштуу төмөнкүдөй пикирин билдирди:

«Бул медалдар жөн гана сыйлык эмес — бул 30 жылдык билимдин, эмгектин, туруктуулуктун жана биргелешкен келечек көрөңгөсүнүн символу. Университетибиздин өнүгүүсүнө салым кошкон ар бир инсанга терең ыраазычылык билдиребиз».







# 30-жылдыкта улуу сыймык

***Кыргыз-Түрк «Манас» университети 2025-жылы өзүнүн 30 жылдык куралгандыгын белгилөөдө улуттук жана эл аралык аренада 50дөн ашуун сыйлыкка ээ болуп, тарыхый ийгиликке жетти. Билим берүүдөн искусствого, спорттон илимге чейин көптөгөн тармактарда алынган сыйлыктар университеттин Борбор Азиянын жаркыраган жылдызы экенин дагы бир жолу далилдеди.***










**Манаска «Кыргыз бренди» наамы**

Кыргыз Туусу гезитинин 100 жылдыгы алкагында 2024-жылдын 25-декабрында өткөрүлгөн «Жылдын эң мыктылары» сынагында Манас университети «Кыргыз бренди» сыйлыгына татыктуу көрүлдү. Сыйлык аземи билим берүү, саясат, маданият жана медиа дүйнөсүнөн көптөгөн адамдардын катышуусунда өттү. «Манас университети Кыргызстан менен Түркиянын ортосунда гана эмес, Түрк дүйнөсүнүн ортосунда достук көпүрөлөрүн куруудагы маанилүү ролду аткарып жатат», – деп билдирди университетти өкүлчүлүк кылып аземге катышкан ректордун орун басары, профессор Режаи Доган.

**Профессор Жейлан «Жылдын эң мыкты ректору» деп шайланды**

Ректор, профессор Алпаслан Жейлан ошол эле иш-чарада «Жылдын эң мыкты ректору» сыйлыгынын ээси болду. Билим берүү тармагындагы визионердик лидерлиги жана Түркия-Кыргызстан мамилелерин бекемдөөгө багытталган иштери үчүн урмат-сый медалы жана ийгилик дипломасы менен сыйланган Жейланга университет үй-бүлөсү куттуктоосун билдирди.

**Шанхайдан «Манаска» престиждүү сыйлык**

Коммуникация факультетинин ага окутуучусу Наргиза Маматкулованын башкы ролдо катышкан «Кара Кызыл Сары» тасмасы 27-Шанхай эл аралык кино фестивалында «Эң мыкты көркөм тасма» сыйлыгын алды. «Азиянын Канны» деп аталган фестивалга 119 өлкөдөн 3 миң 900дөн ашуун тасма катышты. Бир гана 12 тасманын финалга чыккан сынагында Оскар жана Алтын глобус сыйлыгынын ээси, италиялык режиссёр Жузеппе Торнаторенун төрагалыгындагы жюри Кыргызстандан тартылган тасмага сыйлыкты тапшырды.





**Коммуникация факультети 30 сыйлык менен чокуга чыкты**

Коммуникация факультетинин студенттери 2024-2025-окуу жылында 30дан ашуун улуттук жана эл аралык сыйлыктардын ээси болду. 34-Жаш коммуникаторлор сынагында Раяна Мамедова сүрөткө тартуу номинациясында, Айжамал Мирбек кызы кыска метраждуу тасма номинациясында биринчи болсо, Жибек Абдукаимова сүрөткө тартуу номинациясында, ал эми Алтынай Адамалиева документалдык тасма номинациясында үчүнчү орундарды алышты.

Ректор, профессор Алпаслан Жейлан 2025-жылдын 2-июнунда сыйлыкка ээ болгон студенттер менен жолугушуп:

«Силердин ийгиликтериңер биздин эң чоң сыймык булагыбыз. Коммуникация факультетибиз таланттуу студенттерибиздин аркасында күн сайын күчөп жатат», – деди.

**Театрда 7 сыйлык**

Көркөм өнөр факультетинин Театралдык искусство бөлүмүнүн студенттери 2025-жылдын 17-апрелинде өткөрүлгөн X «Жаңы аттар» эл аралык студенттик театр фестивалынан 7 сыйлык менен кайтышты. «Бөрүнүн түшү» спектакли экинчи орунду алса, окутуучу Элвира Караева «Эң мыкты эксперименталдык иш» сыйлыгын алды. Фестивалда кошумчалай театр сын-пикири жана драматургия номинацияларында 6 студент сыйлыкка ээ болушту.

«Коркут Ата» театр спектакли менен 2025-жылдын 20-22-майында Казакстандын Алматы шаарында өткөрүлгөн III Эл аралык Түрк дүйнөсүнүн студенттик театр фестивалына катышкан студенттер жюринин атайын сыйлыгына татыктуу көрүлүштү. Ректор, профессор Алпаслан Жейлан да бул ийгилик үчүн Темирбек Жургенов атындагы Казак улуттук искусство академиясынын ректору, профессор Арман Жудабаев тарабынан алтын медаль менен сыйланды.

**Спорттон искусствого ийгилик чынжыры**

Эмерек жана декорация программасынын студенттери Аяна Турсуналиева, Азиза Адисова жана Даткайым Молдалиева 2024-жылдын 16-декабрында Корея өкмөтүнүн колдоосу менен өткөрүлгөн Start-Up дизайн жана долбоор сынагында «Экологиялык аң-сезим» темалуу долбоорлору менен экинчи орунду жана акча сыйлыгын алышты.

2025-жылдын 13-14-апрелинде өткөрүлгөн «Ала-Тоожазы» жаштар атаандаштык фестивалында 24 жогорку окуу жайынан 104 команданын катышуусунда өткөн сынакта Манас студенттери экинчи орунду алып, 200 миң сом акча сыйлыгын алышты.

Спорт илимдери факультети 2025-жылдын 28-июнунан 10-июлуна чейин Эрзурумда өткөрүлгөн эл аралык Palan Extreme мелдешинде экинчи орунду алды.

Кыргыз-Түрк «Манас» университети 30-жылында жеткен бул ийгиликтери менен билим берүү тармагындагы алдыңкы позициясын бекемдеп, Түрк дүйнөсүнүн сыймыгы болуусун улантууда.














***2025-жылдын 20-21-октябрында Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин (КТМУ) 30 жылдык маарекесине карата Түрк мамлекеттер уюмунун Түрк университеттер биримдигинин II Салттуу спорт оюндары шаңдуу маанайда өткөрүлдү.***

# Түрк дүйнөсүнүн жаштары II салттуу спорт оюндарынын алкагында кайрадан "Манас" университетинде жолугушту

Иш-чарага Түркия Республикасынын Кыргызстандагы Атайын жана Ыйгарым укуктуу Элчиси Мекин Мустафа Кемал Өкөм, Азербайжан Республикасынын Элчиси Латиф Сейфаддин уулу Гандилов, Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министринин орун басары Аскаралы Мадаминов, ТКТРнын Бишкектеги өкүлү Тахир Осман Тахир сыяктуу конокторкатышты. Ошондой эле иш-чарада Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин ректору, профессор Алпаслан Жейлан, биринчи проректор, саясий илимдердин кандидаты, доцент Алмаз Ибраев, Кыркларели университетинин ректору, профессор Ренгин Ак, Бишкек мамлекеттик университетинин ректору, профессор Мирлан Дылдаев, КТМУнун проректорлору профессор Исмет Алтынташ жана профессор Камалбек Карымшаков, башкы катчы, доктор Фатих Рамазан Истанбуллугил, ошондой эле көптөгөн окутуучулар, коомдук уюмдардын жетекчилери, журналисттер жана студенттер катышышты.

**Түрк дүйнөсүнүн спортчулары "Манас" университетинде жолугушту**

Кыргыз-Түрк "Манас" университетинде (КТМУ) өткөн II Салттуу спорт оюндары түрк маданиятынын бай мурасын даңазалаган, улуттук оюндардын унутулгус майрамына айланган чоң салтанат менен башталды.





Түрк дүйнөсүндөгү бир туугандык, достук жана маданий байланышты чыңдаган бул маанилүү иш-чарага Аль-Фараби атындагы Казак улуттук университети, Анкара музыка жана көркөм-өнөр университети, Халил Досмухамедов атындагы Атырау мамлекеттик университети, Кусейин Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университети, Фырат университети, Кыргызстан эл аралык университети, Стамбул университети, Кахраманмараш Сүтчү Имам университети, Хожа Ахмет Ясави атындагы эл аралык Түрк-Казак университети, Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университети, Батыралы Сыдыков атындагы эл аралык Кыргыз-Өзбек университети, Коркут-Ата Кызылордо мамлекеттик университети, Нигде Өмер Халисдемир университети, Ош мамлекеттик университети жана Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин спортчулары катышышты.

Ачылыш аземи салттуу спорт оюндар майданында өтүп, "Салттуу спорттун тарыхы" аттуу көркөм программа менен уланды. Сахнадагы театралдык көрүнүштөр, улуттук бий, оюн-зоок көрсөтүүлөрү жана ат үстүндөгү чебердик оюндар көрүүчүлөргө түрк баатырдык рухун чагылдырган атмосфера тартуулады.

Кыз куумай, эр сайыш, ашык оюндар, комуз жана жетиген обондору менен коштолгон көркөм иш-чара түрк дүйнөсүнүн бай маданиятын, биримдигин жана кылымдарды карыткан салттуу мурасын элге жеткирди.

**Ректор, профессор Алпаслан Жейлан: "Түрк дүйнөсүнүн жаштары Манастын бириктирүүчү канаттарынын алдында жолугушту"**

Түрк мамлекеттер уюмунун Түрк университеттер биримдигинин II салттуу спорт оюндарынын ачылыш аземинде сүйлөгөн Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин (КТМУ) ректору, профессор Алпаслан Жейлан түрк дүйнөсүнүн биримдиги, ынтымагы жана жалпы маданий баалуулуктары жөнүндө кеңири айтып өттү.

Профессор Жейлан: "Манас атабыздын бириктирүүчү канаттарынын алдында, түрк дүйнөсүнүн бардык университеттерин «Манас» университетинде чогулттук," – деп белгилеп, КТМУнун түрк дүйнөсүнүн жаштарын бириктирген символдук маанисине көңүл бурду.

Ректор өз сөзүндө улуу жазуучу Чыңгыз Айтматовдун ойлорун да эскерип өттү:"Айтматов: „Маңкурт болбогула"-деп айткан. Анткени адам өзүн, өз маданиятын унутканда маңкуртка айланат. Өзүңөрдүн тамырыңарга, маданиятыңарга бекем болгула. Айтматов айткандай, "Бул кең талаада бир күнү түрк дүйнөсүнүн университети курулуп, анда түрк дүйнөсүнүн жаштары бир чатырдын алдында билим алат" десе ким ишенмек эле? Тилекке каршы, Айтматов бул улуу күндү көргөн жок, бирок биз анын руху бүгүн биз менен бирге экенине ишенебиз"-деп айтты профессор Жейлан.

Ал өз сөзүндө Билге Каган айткан накыл кептерге да кайрылып, жаштарга терең маанилүү сабак берди:" Үстүндө көк асман кыйрамайынча, астындагы кара жер жарылмайынча, сенин элиң менен салтыңды ким буза алат? Мына, жаштар, силер да өз элиңерди, салтыңарды жана маданиятыңарды сактоо үчүн барсыңар. Салттуу спорт-бул маданият менен спорттун кесилишкен чекити, демек, маданиятыбызды сактоо-ар бирибиздин милдетибиз,"-деди.

Сөзүнүн соңунда профессор Жейлан, XIII салттуу спорт оюндар симпозиуму 2025-жылдын 30-31-октябрында Кахраманмараш Сүтчү Имам университетинде өтөрүн белгилеп, түрк дүйнөсүн илим, маданият жана спорт тармагындагы биримдигин жана туруктуулугун дагы бир жолу баса белгиледи.

**Биринчи проректор, доцент Алмаз Ибраев: "Тамыры терең өткөн тарыхыбыздан алган күч менен жаштарыбыз келечегибизди курат"**

Түрк мамлекеттер уюмунун Түрк университеттер бирмдигинин II салттуу спорт оюндарынын ачылышында сүйлөгөн Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин биринчи проректору, саясий илимдердин кандидаты, доцент Алмаз Ибраев түрк элдеринин орток мурасына, жаш муундардын бул мурасты келечекке алып чыгуу жоопкерчилигине жана спорттун бириктирүүчү күчүнө токтолду.

Профессор Ибраев өз сөзүндө «Биз-терең тамырлуу, бай тарыхка ээ болгон байыркы түрк элдерибиз. Руханий биримдикти чыңдоодо жана эл аралык байланышты бекемдөөдө жаштарыбыздын ролу абдан чоң.»-деп айтты.

Маданий өзгөчөлүктү сактоонун маанисине да токтолуп, Ибраев:"Өз маданиятыбызды, тилибизди жана салтыбызды эч качан унутпашыбыз керек. Технология тез өнүккөн бул доордо биз тамырыбызга жана салтыбызга мурдагыдан да бекем жабышышыбыз зарыл."-деп белгиледи.

Спорттун инсандык өнүгүү жана мүнөз тарбиялоодогу ролун белгилеген проректор мындай:"Спорт-адамдын мүнөзүн, эркин жана сабырын чыңдаган дүйнөлүк баалуулук. Эң башкысы, урматтуу спортчулар, силерге ак ниет атаандаштык жана адилеттүү күрөш каалайм."

Ал эми КТМУнун Спорт илимдер факультетинин деканы, профессор Жыпаркүл Абдырахманова өз сөзүндө салттуу спорт оюндардын максаты эл аралык достукту чыңдоо, жаштарга улуттук баалуулуктарды жана биримдик рухун сиңирүү экенин белгиледи.

Профессор Абдырахманованын айтымында, II салттуу спорт оюндарына Түрк мамлекеттер уюмуна мүчө үч өлкөдөн-Түркия, Казакстан жана Кыргызстандан жалпы 15 университет катышкан. Иш-чарага 85 кыз жана 124 жигит спортчу, ошондой эле 28 машыктыруучу жана команда жетекчиси тартылган. Алардын катарында эл аралык деңгээлдеги мелдештерде ийгилик жараткан белгилүү спортчулар да бар экенин кошумчалады.

Мелдештердин эң жогорку деңгээлде өтүшү үчүн бардык спорттук жайлар кылдат даярдалганын белгилеген профессор Абдырахманова, оюндардын эл аралык эрежелерге ылайык жана адилеттүү өтүшүн камсыздоо максатында өлкөдөгү эң тажрыйбалуу калыстар тартылганын билдирди.

Расмий ачылыш аземинен кийин, Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин салттуу спорт оюндар майданында "Көк-бөрү" жана "Салбуурун" мелдештери өткөрүлдү.

Иш-чаранын алкагында тогуз коргоол, мангала, алыш күрөшү, шалбар күрөшү, таяк күрөшү (Mas Wrestling), кыргыз күрөшү жана салттуу жаа атуу сыяктуу спорт түрлөрү боюнча мелдештер эки күн бою чоң кызыгуу жана кубаныч менен уланды.












**II салттуу спорт оюндары достук жана биримдик менен жыйынтыкталды**

Түрк мамлекеттер уюмунун Түрк университеттер биримдигинин II салттуу спорт оюндары жабылыш аземи Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин Касым Тыныстанов атындагы конференция залында өзгөчө шаңдуу маанайда өткөрүлдү.

Иш-чарага Түрк мамлекеттер уюмунун Түрк университеттер биримдигинин өкүлдөрү, университеттин жетекчилиги, спортчулар, окутуучулар, студенттер жана көптөгөн коноктор катышты.

Сыйлык тапшыруу бөлүгүнө чейин иш-чаранын жыйынтык билдирүүсүн II салттуу спорт оюндарынын уюштуруу комитетинин төрайымы, башкы калыс жана КТМУнун Спорт илимдер факультетинин деканы, профессор Жыпаркүл Абдырахманова жарыялады.

**Профессор Жыпаркүл Абдырахманова: "Түрк дүйнөсүнүн достук жана биримдик руху бул иш-чарада кайрадан жанданды"**

II салттуу спорт оюндарынын жабылыш аземинде сүйлөгөн Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин Спорт илимдер факультетинин деканы, профессор Жыпаркүл Абдырахманова иш-чаранын ийгиликтүү өтүшүнө салым кошкон бардык катышуучуларга ыраазычылык билдирди.

Профессор Абдырахманова өз сөзүндө мындай деди: "Түрк мамлекеттер уюмунун Түрк университеттер биримдигинин кызматташтыгында өткөрүлгөн II салттуу спорт оюндарынын ийгиликтүү аякташын чын дилимден куттуктайм. Бул маанилүү иш-чара эл аралык деңгээлде адилеттүү атаандаштык шартында өткөн үлгүлүү уюштуруу болду."

Жабылыш аземинде сөз алган Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин биринчи проректору, саясий илимдердин кандидаты, доцент Алмаз Ибраев бардык катышуучуларга ыраазычылык билдирип, иш-чаранын маанисине токтолду.

Профессор Ибраев өз сөзүндө мындай деди:"Бул иш-чаранын негизги максаты – түрк элдеринин студенттеринин ортосундагы ынтымакты жана өз ара байланышты чыңдоо. Биздин университеттин урааны-"Университеттен да артык". Биз билим жана илимий изилдөөлөр менен гана эмес, коом жана жаштар менен тыгыз кызматташтыкта болууга умтулабыз. Ушундай маданий жана спорттук иш-чаралар аркылуу жаштарыбызды спортко тартуу жана маданий мурасыбызды сактоого үндөө – негизги милдетибиз."

Жабылыш аземинин жүрүшүндө салттуу спорт федерацияларынын жетекчилерине КТМУ тарабынан ыраазычылык каттары жана медалдар тапшырылды.

**Иш-чара жалпы сүрөткө түшүү менен жыйынтыкталды.**

Маданият менен спортту бириктирген бул масштабдуу уюштуруу Түрк дүйнөсүнүн жаштарынын ортосундагы достук байланышты чыңдоого жана орток баалуулуктарды сактоого зор салым кошту.

**Кыргыз-Түрк "Манас" университети катары биз салттуу спорттор аркылуу өткөндөн келечекке карай күчөгөн бай мурасты жашатып, биримдик жана ынтымак рухун бирге чыңдап келе жатабыз.**



Кыргыз Республикасынын
Билим берүү жана илим
министрлиги

Министерство образования
и науки Кыргызской
Республики

ЫРААЗЫЧЫЛЫК КАТ

2025-ЖЫЛГА КАРАТА АЗИЯНЫН МЫКТЫ УНИВЕРСИТЕТТЕРИНИН РЕЙТИНГИНДЕ
КӨРСӨТҮЛГӨНДҮГҮ ЖАНА ИШИНДЕГИ ЖЕТИШКЕН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ
ҮЧҮН **КЫРГЫЗ-ТҮРК "МАНАС" УНИВЕРСИТЕТИНЕ**
ЫРААЗЫЧЫЛЫК БИЛДИРЕТ

Министр Д.Ш. Кендирбаева

2025-ж

# Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинен Манас университетине ыраазычылык каты

**Кыргыз-Түрк «Манас» университети (КТМУ) 2025-жылдын 24-февралында Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан ыраазычылык каты менен сыйланды.**

Бул сыйлык университеттин 2025-жылга карата Борбордук Азиядагы мыкты жогорку окуу жайларынын катарына кирип, жетишкен жогорку жыйынтыктары үчүн ыйгарылды.

Акыркы үч жыл ичинде КТМУ QS дүйнөлүк рейтингинде эң абройлуу 1000 университеттин катарына кирүүнү камсыздап келди. 2025-жылы QS Азия рейтингинде 230-орунду, ал эми QS Борбор Азия рейтингинде 10-орунду ээледи. Мындан тышкары, университет QS Туруктуу өнүгүү рейтингинде Кыргызстандагы эң мыкты жогорку окуу жайы катары таанылып, академиялык жана туруктуу өнүгүү жаатындагы ийгилигин эл аралык деңгээлде далилдеди.



## Кампустан кадрлар
















КЫРГЫЗ-ТҮРК МАНАС УНИВЕРСИТЕТИ
KIRGIZİSTAN - TÜRKİYE MANAS ÜNİVERSİTESİ
1995

*Университеттен да артык*